ОКУУЧУНУН КИТЕП ТЕКЧЕСИНЕ

А. С. ПУШКИН

ЫРЛАР ЖАНА ЖОМОКТОР

ОКУУЧУНУН КИТЕП ТЕКЧЕСИНЕ

Александр Пушкин

(1799—1837)

А. С. ПУШКИН

ЫРЛАР ЖАНА ЖОМОКТОР

Кенже балдар үчүн

Фрунзе
«Мектеп»
1980

84. 98 Р1
П—91

Пушкин А. С.

П—91 Ырлар жана жомоктор. Кенже балдар үчүн. Ондолуп, кошумчаланып кайра басылышы. — Ф.: Мектеп, 1980. — 120 бет. — (Окуучунун китеп текчесине).

Китепке акындын кенже жаштагы мектеп окуучуларына ылайыктуу айрым ырлары менен бирге, «Поп жана анын кызматчысы жөнүндө жомок», «Балык жана балыкчы тууралуу жомок» ж б. жомоктору киргизилди.

П $\frac{70802—278}{М\ 452\ (17)—80}$ 160. 80. 4803010101 Р1
ББК 84. 98Р1

ЫРЛАР



ТУТКУН

Отурамын темир тордуу набакта,
Туткун болуп бала барчын камакта.
Канат сермеп, кандуу жемин чокулап,
Муңдуу досум терезеде отурат.

Чокуп, токтоп, терезени карайт ал,
Көңүлүндө ою бардай ал айтар,
Тиктеп, ымдап, мага белги бергенсийт,
Үнү шаңшып: «Жүр, учалы!» дегенсийт.

«Мезгил жетти, боорум, жазып кусаны,
Эркин кушпуз, ак тоолорго учалы!
Жүр жетели көк деңизге чалкыган,
Жел да, мен да эркин ойноп кайкыган!..»

КЫШКЫ КЕЧ

Мунарыктап борошо уруп,
Кар тозоңун уйпалайт.
Бирде жырткыч айбанча улуп,
Жаш балача бирде ыйлайт,

Бирде тамдын үстүн жапкан
Саманды эски чачкылайт,
Жолоочудай түнгө калган
Бирде эшикти каккылайт.

Же биздин үй болсочу тың,
Эски, нары көңүлсүз.
Эмне, энеке, туруп калдың
Терезеде болуп суз?
Же бороондун улуганы
Эзип, көңүл талабы?
Же ийиктин чуркаганы
Уктаткансып барабы?

Өткөн байкуш бала чакты
Сен өстүрдүң, энеке.
Айдап желге кусалыкты,
Ичели, чыныңканаке?
Ырдап берчи обон сала
Кучкач уя салганын,
Бакан алып жаш кыз бала
Сууга эртелеп барганын.

Мунарыктап борошо уруп,
Кар тозоңун уйпалайт,
Бирде жырткыч айбанча улуп,
Жаш балача бирде ыйлайт.
Өткөн байкуш бала чакты
Сен өстүрдүң, энеке.
Айдап желге кусалыкты,
Ичели, чыныңканаке?

КЫШКЫ ЖОЛ

Ай өтүп тармал тумандан
Арбытып барат арымын.
Жайыкка бейкут муңайган
Ал төктү муңдуу жарыгын.

Үч күлүк чуркап баратат
Кышкы жолдо жайыкта,
Коңгуроо үнү жадатат
Шыңгырап бир калыпта.

Ямщиктин узун обону
Жанга жагым туюлат:
Угулса шаттык оболу,
Кайра кайгы угулат...

От да жок, үй жок арада,
Туш жагымдын баары кар.
Көрүнүп көзгө карала
Көп жолукту мамылар.

Мен, Нина, өтө сагынган
Жарды көксөп баратам.
Арылам эртең зарымдан
Аруу жүзүн карасам.

Жебеси жылып алдыга
Саат мукам айланып,
Айырбайт түндүн жармы да
Биздин көңүл байланып.

Муңайдым, Нина,
баратып,
Ямщиктин үнү басылды.
Коңгуроо бүттү жадатып,
Айды туман жашырды.

СИБИРГЕ КАТ

Сибирде кен казган кишилер,
Намыскөй, сабырдуу болуңар.
Кур кетпейт азаптуу ишиңер,
Бийикке умтулган оюңар.

Азаптын шериги жыргалдуу
Ак тилек — силерди жандантып,
Түпкүрдө чыйралтып, шандантып,
Көксөгөн кез келет кырдалдуу:

Силердин тар, күңүрт набакка
Эркиндик добушум жеткендей,
Жетет бек эшикти тешкендей
Сый, достук, силердин тарапка.

Кишендер үзүлүп чарт этип,
Зындандар болушат уранды.
Эшиктен эркиндик жарк этип,
Курбуңар карматат куралды.

КЫШКЫ ТАҢ

Суук таңда күн да чыкты жадырап!
Дале уктап жатасыңбы магдырап —
Ойгон, сулуум, сен ойгоно калсаңчы:
Көшүп жаткан көзүңдү ачып сен туруп,
Түндүктөгү Аврорага умтулуп,
Түндүктөгү жылдыз болуп жансаңчы!

Эсиңдеби, кечээ бороон сурданды,
Күңүрт асман сур булутка чулганды.
Турак болуп булуттардын арасы,
Шыкаалаган өңү өчкөн ай кубарып,
Олтургансың сен аргасыз муңайып,
Азыр, жаным, терезени карачы...
Көк асмандын астында кең жайылып,
Ак кар жатат кымкап болуп салынып,
Жарк-журк этип тийген күндөн чагылып,
Токой турат кара кочкул түспөлүү,
Бир карагай турат жашыл түстөгү,
Муз астында суу жылтырайт агылып.

Бүт бөлмөнү тунук саргыч нур чалып,
Балкып турат салтанатка курчалып.
От чатырап меш ичинде даң салды,
Ойлоо сонун жылуу мештин жанында.
Чектирсемби ыкчам көрүп камылга
Мен чанага азыр тору байталды.

Таң эртеңки кар үстүндө, сүйүктүүм,
Күүсү менен ойноктогон күлүктүн
Биз зымырап элпек жылып кетебиз.
Жолубуздан көп жер көрүп экөөбүз,
Ээн талаа, түнт токойдон өтөбүз,
Мага жаккан сонун жерге жетебиз!

ЖИНДЕР

Түрмөктөлүп учат булут,
Нурдайт карды жаап жаткан
Ай көрүнбөй көктө туруп;
Түн да күңүрт, күңүрт асман.
Аттар жолдо жортуп барат;
Коңгуроосу шыңгыр-шыңгыр...
Көңүл сүрдөп коркуп барат —
Ээн талаа айбатыдыр!

«Айда, ямщик!» — Кантип айдайм:
Мырзам, аттар чарчап калды.
Бурганактан көз ача албайм,
Күрткү жолду жайпап салды.
Таппай койдум эч бир изди,
Биз адаштык. Айла канча?
Баштап алып жиндер бизди,
Айлантты окшойт мында кайра.
Көрчү: ойноп, үйлөп мени,
Түкүрүгүн бүркүп жатат.

Азоо атты жиндер эми
Жарга карай түртүп жатат.
Сес көрсөтүп жакын келип
Боло түштү бараандуу да;
Кайра учкундай жарык берип,
Житип кетти караңгыга».

Түрмөктөлүп учат булут,
Нурдайт карды жаап жаткан
Ай көрүнбөй көктө туруп;
Түн да күңүрт, күңүрт асман.
Аттар токтоп калбай алы,
Коңгуроо үнү барып тынды.
«Тигил эмне талаадагы?» —
«Билбейм: дүмүр, карышкырбы?»

Бороон боздойт ачууланып,
Сергек аттар кошкурунат.
Так секирип оюн салып,
Жиндин көзү балбал жанат.
Аттар кайра алдыга учуп,
Да коңгуроо шыңгырады.
Көрдүм: жиндер чогулушуп,
Агыш талаа жыбырады.

Киргилденип асман жакта ай,
Сансыз жиндер түрү бузук
Ноябрда жалбырактай
Учуп жүрдү уюлгушуп...
Кайда барат булар өрүп?
Неге боздоп ырдап кирди?
Албарстыны көргө көмүп,
Береби эрге жез кемпирди?
Түрмөктөлүп учат булут,
Нурдайт карды жаап жаткан

Ай көрүнбөй көктө төрөп;
Түн да күңүрт, күңүрт асман.
Кубалашып зымылдашып,
Жиндер көктө кетип барат.
Улуп-уңшуп, чыйылдашып
Жүрөгүмдү эзип барат.

КАВКАЗ

Мен турам бийиктикте жалгыз гана
Кавказдын чокусунда карды басып.
Алыста мени менен катарлашып
Бир бүркүт учуп жүрөт канат кага,
Бул жерден көрүп турам сел чыкканын,
Жана да коркунучтуу көчкү учканын.

Бул жерде каалгып жүрөт момун булут,
Шуулдайт шаркыратма тоодон кулап.
Төмөндө ташка чыккан чөптөр куурап,
Жар таштар жыпжылаңач турат тунуп.
Андан да төмөнүрөөк жаш бадал бар,
Чурулдап куштар учар, бугу чуркар.

Адамдар ошол тоого үңкүр салган,
Койлору капчыгайга жайылышкан.
Койчусу жашыл жондо ыр ырдаган,
Кадимки Арагвинин жакасынан
Күркүрөп тентек Терек агып жаткан,
Жашынган капчыгайга шордуу атчан.

Жулкунуп тамак көрсө аңдый карап,
Жырткычтай капастагы ойнойт улуп.
Удургуйт касташкандай жээкке уруп,
Ач толкун капчыгайдын ташын жалап;
Ага жок же кубаныч, же бир тамак!
Туш-туштан коркунучтуу тоолор камап.

АТ

«Ойноок атым, кишинедиң сен неге?
Сен шылкыйып көөнүң неге буулукту?
Жалың силкип сеңселтпейсиң эмнеге?
Кемирбейсиң неге оозуңда суулукту?
Менби сени сылап-сыйпап бакпаган,
Жемиңе деп сонун сулу таппаган?
Жабдыдымбы жабдык менен жакпаган?
Менби сага жибек тизгин такпаган,
Туягыңа күмүш така какпаган,
Үзөңгүңдү алтын менен жаппаган?»

Ат ээсине жооп берди муңайым:
«Алыс жактан каңшаар сезип жоошугам —
Ат дүбүртүн эшиткенде кулагым,
Жаанын үнү, сурнайлардын доошунан;
Кишинедим: эрким менен тайраңдап
Кең талаада көпкө ойноп жүрбөймүн,
Жаркыраган жабдык тагып сайрандап,
Жагалданып узак өмүр сүрбөймүн;
Жакын калды күн келет да катаалдуу,
Жабдыгымды жулат душман кутурган,
Сууруп алат кооз күмүш такамды
Кайран гана менин күлүк бутумдан.
Коркунучтуу жоо кейитип зээнимди,
Көңүл сыздап санаа келет оюма;
Жабуу ордуна сыйрып сенин теринди,
Жабабы деп тердеп турган жонума».

СУУГА ЧӨККӨН АДАМ

Үйүнө чуркай жүгүрүп,
Атасын балдар чакырып:
«Атаке, торго, бир өлүк,
Калыптыр — дешти — чатылып».

Атасы, буга терикти:
«Шыпыртпа калпты бу жерге!
Шайтандар! Өлгөн өлүктү,
Көрсөтөм барып силерге!

Сот болсо, сурайт, жадатат,
Башыма түшкөн ал, азап,
О, кемпир, булар сабатат,
Чапаным кайда? Мага тап!
Кайда — дейт кары,— көрөлүк?» —
«Тигинде, жээкте, ал өлүк!»
Чын эле өлүк көгөрүп,
Жатыптыр кумга бөлөнүп.

Тик багып эч ким карагыс,
Дардайып көөптүр абыдан.
Шордуу бейм жанга санагыс,
Мынчалык кечкен жанынан.
Балыкчы бекен сууга аккан,
Болбосо, бир мас немеби?
Ууруга акча уурдаткан,
Көпөстүр балким, береги?

Карынын кандай иши бар?
Жалт карап туш-туш тарапты,
Суу болбой, өлгөн кишини ал,
Бутунан сүйрөп баратты.
Бурулуп, жээктен имерип,
Кутулду түртүп жиберип,
Калкылдап, сууда чиренип,
Акты да, кетти ал өлүк.

Толкундун жиреп арасын,
Ал акты тирүү адамдай,
Тындырып, кары, санаасын,
Үй жакка басты кадамдай!

«Эй иттер! Бери бас, баарың!
Тойгузам токоч-наныма.
Келжирек сөздү таштагын,
Каласың — деди — каарыма».

Ташыды дайра, турабы,
Түндөсү шамал ыркырап,
Түтөгөн кары чырагы,
Күйүүдө үйдө жылтырап,
Тырп этпей ушул коңулдан,
Бардыгы уктап жатканда,
Ойгонду кары, добулдан,
Айнектин бирөө какканда.

«Ким экен» — «Ач эй, үй ээси!» —
«Аягың такыр сайлаган —
Түпүрөп жүргөн ким өзү?
Кимсиң сен шайтан айдаган?
Киргенде кайда келмексиң,
Батырам кайда баламы?» —
Деди да, кары, айнектин,
Пардасын ачып карады.

Капырай, бул не алаамат,
Ай барат булут аралап.
Сакалдан суусу салаалап,
Бир киши турат сагалап.
Жылаңач этке бүтүндөй,
Кап-кара чаян жармашкан.
Шалдайып кары, түшүнбөй,
Аз калды эстен танбастан.

Пардасын жаап, сенделе,
Жылаңач жанды тааныды.
«Жарылып өлсөң эмне эле!»
Күбүрөп сүйлөп, наалыды.

Калтырап, ойго чайналып,
Карыя кирпик какпады.
Ар бери жүрдү айланып,
Ургулап, айнек, капканы.

Шумдукту сүйлөп жарыя,
Эл айтат мындай болоорун:
Ар жылы жаңкы карыя,
Күтөт дейт өлгөн коногун,
Таңынан булут чүмкөнүп,
Добулдайт түндүн асманы.
Айнекти чертип жаңкы өлүк,
Ургулайт имиш капканы.



ЖОМОКТОР

ПОП ЖАНА АНЫН КЫЗМАТЧЫСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

Илгери, илгери болгон экен бир поп,
Жалтырак маңдай топтомолок,
Поп баеып жүрдү базарда,
Өзүнө аны-муну кararга.
Билбей кайда барарын
Башы ооган жакка келаткан
Жолукту Балда алдынан.
«Чыгыпсыз аба мынча эрте,
Керек болду сизге эмне?»
Балданы карап анда поп,
Кайтарды ага мындай жооп:
«Керек маган кызматчы:
Ат багар, ашмачы, жыгаччы,
Билбейм кайдан табарды,
Көп иштеп арзан аларды».
Анда Балда жооп айтат:
«Мен деле жарап берейин,
Белде толук күч-кайрат,
Жылына алар акым үч чеке.

Ботко берсең болгону
Кардым ачты дегенде».
Анда поп ойго батты азыраак,
Өзүнүн таз маңдайын кашынат.
«Чертүүнүн да жолу бар,
Үч чертүү менен не кылар,
Тобокел деп коёюн».
Поп айтат:
«Болуптур, Балдам
Сөзүңө макул болоюн,
Менин короо алдымда жашарсың,
Көрсөтөрсүң кызматыңдын тазасын».
Жашайт Балда поп короосу алдында,
Уктайт барып саманга.
Төрт кишилик тамак жейт,
Жети кишилик иш иштейт.
Таң атканча эп менен,
Бардыгын кылат бепбелен;
Арабага атын чегет,
Бардык жерин айдап берет;
Мешин жагып тамак бышырат,
Соода-сатыгын бүтүрүп,
Ойдогусун белендеп турат.
Базардан жумуртка сатып келет,
Сууга салып бышырып,
Кабыгын сыйрып берет.
Поп катыны Балданы көп мактайт,
Поптун кызы Балданы жактабайт,
Поп баласы чакырып аны байке дейт;
Бышырып ботко балдарга,
Сооротуп Балда энтелейт.
Бир гана Поп Балданы жактырбайт,
Айткылачы ал кайсы ишин так кылбайт?
Тынчы кетип Балда акысын ойлонот,
Мына эми жакында төлөшө турган
күн болот.



Поп жебейт, ичпейт, түнү бою
уктабайт.
Канетсин, акыл салат зайыбына:
«Миң толгонуп, сан ойлоп
Таба албадым эч айла».
Билесиңер катын деген бир балаа,
Анын сандыгында сан айла!
Эрине айтат: «Акылыма кулак сал,
Бул Балдадан кутулуучу амал бар:
Аны сен аябагын кыйын ишке
жумшагын,
Аны аткарбай кайтпагын деп
кыстагын.
Ушуну менен кутуласың чекеден
Жөнөтөсүң Балдага акы бербестен».
Муну уккан соң поп азыраак эс алды,
Балдага кайраттуурак карады.
Ал кыйкырат: «Ой, кана,

Келчи Балдам сен бачым!
Менин жумшап алган кызматчым!
Укчу: картайып мен өлгөнчө
Шайтандар алман төлөйм деди эле,
бар.
Аларда туура үч жылдык алманым
Боткоңду жеп тоюп ал,
Андан кийин бүт жыйналсын,
Шайтандагы чыгымдар».
Балда акең
Поп менен чатакташтпастан бекерге,
Олтуруп алды барып көлдүн жээгине;
Аркандын салып бир учун,
Толкутту Балда көлдүн туш-тушун.
Мына эми суудан чыкты, карт шайтан:
«Ой Балда, жолуң болгур сен кайдан?»
«Арканыма көлүңдү бүт сордурам.
Картаң шайтан эси чыкты жан
калбай:

Кандай күнөө болуп кетти,
бул кандай?»
Кандай күнөө?
Кара муну жүрүпсүң алман төлөбөй,
Убагын өткөрүпсүң сен дөдөй.
Мына эми, тамаша болот биздерге,
Каран түн түшөт, силер окшош иттерге —
«Балда аке, койчу, тынчты кетирбе,
Тилегениң бары тиет аз күндө.
Токтой тур азыр чыгат неберем».
Ойлойт Балда: «Оо, буда оңой иш бекен!»
Жиберген шайтан суудан оргуп бат чыгып,
Мыяулады кадимки эле ач мышык:
«Ассалоомалейкум; Балда аке;
Сенин тилегениң эмне?
Сенин алман дегениң эмне?

Өмүрүбүздө укпаганбыз мындайды,
Катуу тийди шайтандарга
бул кайгы.
Мейли эми акылдашып карарбыз:
Акыңызды ошондон кийин аларсыз.
Эмесе, сизге да тең, бизге тең,
Жарышалы ушул көлдүн жээги менен,
Күлүк болуп чыккан алсын алманды,
Ошол жерге камдай бергин кабыңды».
Балда күлдү каркылдап:
«Муну ойлогон сен акмак!
Мени менен келеби сенин теңешкиң?
Мен Балдамын, жөнөкөй адам эмесмин.
Көрүшөлүк жеңер экен, ким кимди!
Күтүп тургун алып келем инимди».
Балда акырын токойго кирип барды да,
Салып келди эки коён кабына.
Балда кайра көлдү жээктеп келди эле,
Кичине шайтан жүрүптүр көлдүн жээгинде,
Балда кармап кулагынан коёндун:
«Кана, бизге секирип, ырдап ойногун:
Шайтаным, али жашсың сен,
Күчүң жетпейт теңешесиң,—
Бул бөөдө эле убакытты кетирет.
Менин иним коёнумду —
Бир, эки, үч! кана кууп жет!»
Кетти экөө серенделп:
Кичине шайтан көлдү бойлоп жүгүрө,
Коён кетти токой менен үйүнө.
Көлдү тегерене жүгүрүп,
Дердендеп мурду,
Саландап тили, күчү кетти.
Денесинен тер акты.
Алы куруп,
Араң басып келатты.
Шайтан айтты: Балдадан иш болбоду,

Көз алдынан карап Балда ормойду
Жондон сылайт колундагы коёнду:
Садагасы эс алгын,
Чарчадың го боорлош бир тууганым!»
Кичине шайтан эси ооду,
Иши эми оңбоду.
Балданы жаман карап алайды:
«Салыкты жиберейин жарайбы?»
Түшүп көлгө, атасына даттанды:
«Коёндон калып кудай мени атканы».
Картаң шайтан табууга кирди амалды.
Балда көлгө чаң тополоң чуу салды,
Көлдүн суусу ташып кете жаздады,
Аз эле калды, келип толкун басканы.
Шайтан чыгып:
«Күн көрсөтчү, сен бизге!
Берели теги салык жыйнап эркиңче.
Токто Балда, алгын мобул таякты,
Белгилеп ал урууң керек кай жакты!
Ким эгер таякты алыс ыргытса,
Ошого болсун, салыкка жыйган бардык баа,
И, эмне ыргытуудан корктуңбу?
Бергин эми жообуңду!»
«Жок мен күтүп турам үстүмдөгү булутту
Таягыңды булутка карай ыргытам,
Шайтандар, баарыңарды кыйратам!»
Кичине шайтан атасына даттанды,
Балданын жеңгенин айта баштады.
Көл жээгинде кыйкырып Балда олурат,
Арканы менен кайра көлдү толкутат.
Чыгып шайтан: «Деги койчу бизди соо,
Керегиңче салыкты алмак болдуң го?»
«Жок — дейт Балда — эмкиси
Тийчү кезек меники.
Душманым муну аткарбай жөн болбойм,
Шартын өзүм болжолдойм.



Кимибиз күчтүү экенбиз сынайлы,
Көрдүңбү, тигинде тору бээ турбайбы?
Көтөргүн бээни акырын:
Алпаргын жарым чакырым.
Жеткирсең, байге болсун сеники,
Чарчасаң анда болот меники».
Шордуу шайтан,
Бээнин өттү алдынан,
Келтирип эбин,
Дөмпөйттү белин,
Көтөрүп алып эки кадам алпарды,
Үч кадамда тырайды, шайтанда кандай
жан калды?
Балда аган:
«Акылсыз шайтан,
Көтөрдүң кайдан?
Алып кете албадың,
Болсо дагы кол-белен!
Ал эми карап тургун!
Алып кетем бут менен»
Кайран Балда
Бээге минди ыргып шап,
Таскактатса, кээ жерде чаң чыгат.
Шайтандар коркуп куну учту,
Атасына айтышты мындай укмушту.
Шайтандар чогулушуп куруп топ,

Кыларына иши жок;
«Керек болсо, ал мына!» — деп Балдага
Алманды толтуруп берди кабына.
Кыйкырат Балда:
«Апкелдим мына, кайда поп!»
Аны уккан поп эси чыгып,
Качып жүрөт корголоп.
Бүжүрөп катынына жашынат,
Мууну кетти калчылдап,
Балда аны издеп таап алды
Алманды берип: «Кана, чекем?» деп калды
Шордуу поп
Чекесин тосот:
Бир черткенде
Поп үй бою ыргыды;
Экинчи чертти,
Поп тилден калып жыгылды;
Ал эми үчүнчү чертти,
Поптун мээси ыргыды.
«Макал бар — деди Балда — ырас:
Арзандын ашы арзыбас».

ПАДЫША САЛТАН ЖӨНҮНДӨ, АНЫН ДАҢКТУУ БААТЫР УУЛУ КНЯЗЬ ГВИДОН САЛТАНОВИЧ ЖАНА ТАТЫНАКАЙ ХАНЫША АККУУ ТУУРАЛУУ ЖОМОК

Күн кызылы батканда,
Терезенин алдында
Жип ийирген үч бийкеч;
Айтты улуусу бир кеңеш:
«Болсом эгер ханыша,
Той өткөрүп ааламга
Курар элем тамаша».
Анда сүйлөйт сиңдиси:
«Болсом эгер ханыша,
Ай ааламга жалгыз мен,
Согор элем зор килем».
Үчүнчү бийкеч кеп салды:
«Болсом эгер ханыша,

Атакеси — падышага
Төрөөр элем алп бала».
Кыздардын үнү басылды,
Тымызын эшик ачылды,
Башка жактык падыша
Күлүңдөп жүзү жазыла,
Кирип келди сырт жактан,
Кыздардын кебин бүт укkан,
Кийинки кыздын айтканы
Көңүлүнө куп жаккан.
«Саламатпы сулуу кыз,
Болгун биздин ханшабыз,
Көңүлүм сага бурулду,
Төрөгүн баатыр уулду.
Эй, эжелер, силер да,
Синдиңердин соңунда,
Ээрчип бизди жүргүлө,
Айткан ыкка көнгүлө.
Бириң болгун ашмачы,
Бириң болгун өрмөкчү».

Сыртка чыкты падыша
Бардыгы анын соңунда,
Бат көрүлдү камылга:
Ника кыйып алууга
Жаш ханыша жанында,
Ыраазы болуп баарына
Падыша Салтан отурду
Ак тилек тоюн болтурду.
Коноктор адил, сыр билет,
Кызмат кылат, баш иет.
Пил сөөгүнөн керебет
Мамык төшөк керилет,
Жаш ханыша, падыша,
Жатып калды ээндеп.
Ачууланып ашмачы,

Ызаланып өрмөкчү,
Экөө бирдей жаш төгөт,
Күнүлөшүп ич күйөт.
Тилегин өтөп ханыша
Уктады моюн алыша.

Ал учур согуш болгон кез,
Тулпарына минип тез,
Согушка Салтан жөнөрдө
Айымына бурулду,
Тунук жүр деп буюрду.
Кеткен бойдон алыска
Узак жүрдү согушта.
Толук жетип ай-күнү
Айымы уул төрөдү.
Чабарман кетти Салтанга,
Сүйүнчү ага айтарга,
Уя баскан бүркүттөй
Үйрүлүп уулга энеси,
Ирмебей кээде кирпикти
Коргошун болду денеси.
Өрмөкчү менен ашмачы,
Бүбү катын мастаны
Бир укмуш кеп баштады:
Падышага түз жет деп,
Токтобостон тез кет деп,
Башка бирин жөнөттү
Айың сөздү үйрөттү:
«Төрөдү түндө ханышаң
Эркек эмес, кыз эмес,
Чычкан эмес, бака эмес,
Дал ушундай, башка эмес».

Кабарын анын укканда,
Эрөөлдөгү падыша
Чабарманга күүлөндү,

Дарга асам деп сүйлөндү;
Кайра сөзгө келди эми,
Мындайча буйрук бергени:
«Күтүшсүн өзүм жетемин,
Мыйзамдуу кылып чечемин».

Падыша берген катты алып,
Чабарман келди баптанып,
Өрмөкчү менен ашмачы,
Бүбү катын мастаны,
Чабарман көзүн жазгады
Мас кылып аны ичирип,
Билгизбей ишти бүтүрүп,
Капчыгынан катты алды,
Ордуна башка кат салды:
«Боярларга падыша
Жардык айтат угушсун!
Тукуму менен ханшаны,
Тымызын сууга ыргытсын».
Боярлар буга не кылмак:
Күүлөнүп буйрук аткармак
Ханыша жаткан сарайга
Келишти дүрбөп алар да,
Падышанын каары деп
Буйрук кылып өтө бек,
Окуду аны жарыя,
Уулу менен алыша
Олтурган эле ханыша.
Аны-мына дегенче
Салынды алар челекке,
Буйругу менен падышанын
Калкыды алар деңизде.

Көктө жылдыз жымыңдап,
Көк деңиз толкуп кубулат,
Толкунга челек урунат,

Кайгыга чөгүп ханыша,
Чамынат көз жаш тамыза;
Күнүндө эмес,
саат сайын,
Чоңоёт бала ан сайын.
Толкунга айтат шаштырып,
Көңүлү каалап жактырып:
«Сен толкун, менин толкунум
Деңиздин ташын курчутуп,
Кашатка, жээкке урунуп,
Чайпалтасың кемени.
Биз түбүндө өлбөйлү,
Кетсин бизден кас ажал,
Жээк жакка айдап сал!».
Бул сөздү толкун укканда,
Толкуй түшүп, чайпала
Челекти жээкке калкыта
Чыгарып койду жай гана.
Жер экенин сезишти,
Энеси менен медери,
Челектен кимдер чыгарат
Же кудай жалгай береби?
«Чыгууга тышка терезе,
Болсочу» деп тиледи.
Челектин түбүн бала тээп
Чымыркана баштады,



Көрүнүп мейкин жашыл
жээк,
Ыргыды челек капкагы.

Эне бала караса;
Мелтирейт деңиз айлана,
Дөбөлүү түзөң кулпурат,
Ортодо жашыл дуб турат.
Тамакты бала ойлоду,
Жакшылап туруп тоёрду.
Дуб бутагын сындырып,
Жаасын бекем матады.
Кергич жиби жибектен,
Чырпыктан жебе жасады.
Жашаган мейкин түздөгү
Илбээсин кушту издеди.

Деңизге жетип барганы,
Чыркыраган бир үндү,
Бала угуп калганы...
Караса деңиз бетинде:
Толкунда Ак куу чамынат,



Кулалы тебет, айланат,
Куу кургур алсыз тыбырап,
Суу чачырайт, чайпалат...
Кулалы атып чамынат,
Чеңгели анын жазылат...
Жаанын огу зырылдап,
Так мойнуна сайылды.
Караса жырткыч кулалы,
Деңизге канын тамыза
Сууга чөгүп баратат,
Кадимкидей зар айтат,
Жандай сүзүп куу аны,
Канаты менен сабады.
Ажалын тез жеткирди
Суу түбүнө чөктүрдү.
Сөз баштады Ак куу да,
Кадимки орус тилинде:
«Мен үчүн жигит, үч күнгө,
Тамак жебей каларсың,
Деңизге житкен жебеңи
Кайдан таап аларсың.

Өкүнбө, ага өкүнбө,
Жакшылык менен кайтарам!
Сен өлүмдөн куткарган,
Ак куу эмес кыз болчу,
Жебеңди канга батырган
Кулалы эмес сыйкырчы.
Өмүрү сени унутпайм,
Ар кайдан мени табасың,
Азыр кайта кеткин да,
Кайгырбастан тынч укта».

Учту Ак куу алыска,
Шаазада менен ханыша
Курсак тойбой тамакка,
Кетти экөө тең уйкуга.
Бир мезгилде шаазада,
Мемиреп жатып көз ачса,
Алдында укмуш тамаша,
Шаар турат бир башка,
Арсак-арсак кыры бар
Мелтиреген ак дубал,
Монастырь, чиркөө төбөсү
Чагылышып бүлбүлдөйт,
Күн нуруна күлүңдөйт.
Ойготту бала энесин
Таң калышты көрөсүң:
«Көз алдымда көрүнөт,
Ак куу берген керемет».
Эне, бала таңдана
Жүрүп калса шаарга,
Туш-туштан калк жабыла
Тосуп чыкты алдына:
Сыйынуу хорун жаңыртып,
Чиркөө турду кагыла.
Шаан-шөкөттүү сарайдан
Алтын чүмкөт алышып,

Тосуп чыкты калайман.
Сарай толгон журт чуулдап:
«Сага ылайык таажы, так!»
Энесинен бата алып
Өзүнүн борбор шаарында
Гвидон деген ат менен,
Болду ошол күн падыша.

Шамал ойнойт деңизде,
Кемени айдап алыска,
Жайылып парус жайкалат,
Толкунда кеме чайкалат.
Кемечилер таңыркап,
Кемеде топ-топ дабырттап,
Баштаган тааныш аралда
Укмуштар бар байкаса:
Төбөсү алтын жаркырап,
Пристань чептей бекилип,
Токтошко буйрук айтылат.
Шаа Гвидон аларды
Меймандабай калабы?
Алдыга ширин аш койду:
«Меймандар кайда барасыз,
Кайда соода кыласыз?»
Меймандары баш ийкеп,
Мындай жооп беришет:
«Алыс жолду сыдырдык,
Дүйнө жүзүн кыдырдык,
Калтар, кундуз көп жыйып,
Соодалашып келдик биз;
Болду эми деп убакты,
Чыгыш жакка жол тарттык.
Буян арал жанынан
Чыгышка багыт алабыз,
Шаа Салтанга барабыз...»
Шаазада анда сөз баштар:



«Жолуңар болсун, мырзалар,
Шаа Салтанга баргыла
Менден салам айткыла».
Меймандар кетти жол
тартып,
Гвидон калды узатып,
Ачышкандай ич сыздап,
Толкундуу көлгө көз салат.
Бөлгөндөй болду көңүлдү,

Сүзгөн Ак куу көрүндү.
«Эсенби, князь, жарыгым!
Бүркөө неге кабагың?»
Шаазада анда муңайды
Арманын аздан чыгарды:
«Чыгарсам дейм капамды
Көрсөм деймин атамды».
Анда айтты тиги Ак куу:
«Кайгыңдын жөнү ушулбу?
Уккун князь кебимди,
Менин жөнүм тегинби?
Кемени тез кууп жет,
Чиркей болуп учуп кет».
Ошол замат эпилдеп,
Канатын Ак куу сермеди.
Деңизге бетин бек күүлөп,
Суудан серпип жиберди.
Ал чиркейге айланды,
Канатында дарманы,
Учту бачым ызылдап,
Кемеге жетти тызылдап,
Канатын жай куушурду,
Жараңка жерге кыпчылды.

Беттен сылап жел урат,
Кеме да шат, тез жылат.



Буянды таштап артына
Шаа Салтандын айлына,
Толкундатып көңүлдү,
Каалаган өлкө көрүндү.
Токтоду кеме жээкке
Салтан жакшы нээтте;
Сыйга эшик ачтырды,
Меймандыкка чакырды.
Азамат биздин андагы,
Ак сарайга бир барды.
Кийминин баары чылк алтын,
Тактасында таажычан,
Чатырында шаа Салтан,
Кайгыга оюн толтурган.
Өрмөкчү да, ашмачы,
Бүбү катын мастаны

Шаа көзүнө карашат,
Терең сырын санашат.
Коногторун урматтайт,
Падыша Салтан сөз баштайт:
«Эй, жол болсун, мырзалар
Кандай жайда болдуңар?
Жакшы, жаман кабардар,
Дүйнө кезген адамдар
Кандай укмуш уктуңар?»
Кемечилер баш ийкеп,
Падышага жооп берет:
«Алыс жолду сыдырдык,
Дүйнө жүзүн кыдырдык,
Деңиз кезип көп жүрдүк
Бир укмушту биз көрдүк:
Адам турбас талаада,
Жападан жалгыз дуб өнчү,
Айлана ээн түз болчу.
Ал жерди азыр карасак,
Ак сарайлуу шаар турат
Алтындай болуп жалтырайт,
Чиркөөлөрү заңгырайт.
Мөмө төккөн бак-дарак,
Ортосунда нурданып,
Гвидон князь олтурат,
Сизге салам айттырат».
Салтан ага таң калды
Ойлонуп мындай кеп салды:
«Тирүү болсом мен өзүм,
Ал аралды көрөмүн,
Гвидондой князга
Мейман болуп келемин».
Өрмөкчү да, ашмачы,
Бүбү катын мастаны
Ал укмуштуу аралга,
Жиберишпес санаада.



Алдыртадан көз кыса,
«Адам ай, бул да укмуш да».
Кучагында көңүл жай,
Тыйын чычкан ыр ырдай,
Кабыгы бүтүн алтындан,
Данеги каухар жаралган
Жаңгак чагат деп уккам».
Укмушка Салтан таңданат,
Ачуулу чиркей камданат,

Ашмачыны боздотуп,
Чакты оң көзүн тостойтуп,
Ашмачыдан ал тайып,
Өңү кетти кумсарып,
Малайлар, кыздар чыңырды,
Чиркейди көздөй жабылды.
«Ай, сениби, сениби,
Табалык сенин эбиңди...»
Бирок чиркей жай гана
Сызды келген жагына.

Князь кайра деңизге келет,
Көзүн албай тиктей берет;
Караса көңүл бөлүндү,
Сүзгөн Ак куу көрүндү,
«Эсенби, князь жарыгым!
Бүркөө неге кабагың?»
Гвидон князь жооп берди:
«Кайгы мени тепседи;
Укмуштан укмуш көп белем,
Ал укмуш мага келсе дейм,
Токойдо бай карагай,
Бутагында көңүл жай,
Тыйын чычкан ыр ырдай,
Кабыгы бүтүн алтындан,
Данеги каухар жаралган,
Жаңгак чагат деп угам.
Балким айтар эл жалган?»
Анда Ак куунун жообу белен:
«Бул укмушту мен билем,
Дүйнөдө андай бар деген,
Кейибе, князь мында да,
Кызмат кылам мен сага».
Көңүлү толуп бул сөзгө,
Келсе князь үйүнө
Эшик алды кең сарай,

Керилет жаш карагай.
Ал карагай түбүндө
Жалпыга көз көрүнөө,
Тыйын чычкан серенделп,
Алтын жаңгак кемирет.
Каухарларын чыгарып,
Кабыктарын чогултуп,
Топ-топ тегиз жыйнактайт,
Ызгырылтып ыр ырдайт.
Бул укмушту көргөн соң,
Таң калды князь Гвидон:
«Рахмат сага, Ак куум ай,
Болсун менин көңүлүм жай».
Хрусталь үй кургузду,
Тыйынды ага тургузду,
Күзөтчү койду атайын,
Дьякка берди иш жагын:
Эсеби жаңгак так болсун
Князга пайда, тыйынга атак
консун.
Деңизде шамал лепилдеп,
Айдаса кеме тез келет;
Паруста желек жайкалып,
Толкундар кез-кез чайкалып,
Бийик дөбө аралда,
Дүмпүйгөн чоң калаага
Жакын келген чагында
Замбиректер атылат,
Токтошко буйрук айтылат.
Гвидон князь аларды,
Меймандабай каларбы?
Дүр-дүнүйө шарап болду
Князь муну сурап койду:
«Эмне соода кыласыңар,
Кайсы жакка барасыңар?»
Деңизчилер жооп берет:

«Бүт дүйнөнү кыдырдык,—
деп
Аттарды келдик соодалап,
Бардыгы дондук аргымак,
Ошентип мезгил арыттык
Чыгыш жакка жол тарттык.
Буяндан жолду бурабыз,
Шаа Салтанга барабыз...»
Шаазада анда сөзгө алар:
«Жолуңар болсун мырзалар,
Океан менен деңизде,
Падыша Салтан эренге,
Менден салам бергиле».

Меймандар дагы кош айтты,
Багытын алып жол тартты.
Бойлой басып деңизди
Шаазада бөлдү көңүлдү,

Толкундан Ак куу көрүндү.
Ак кууга князь үн берди:
«О, кайрымдуу достум
келдиңби?
Тээ, кемеге жетип барсам деп,
Көңүлүм менин дегдеди...»
Канатын Ак куу имерди
Суудан чачып жиберди.
Чымынга князь айланды,
Кемеге жетип зыпылдап,
Бир кычыктан жай алды.

Беттен сылап жел урат,
Кеме да шат тез жылат.
Буян арал кылаалап,
Шаа Салтанга баратат.
Толкундатып көңүлдү

Каалаган өлкө көрүндү,
Токтоду кеме жээкке,
Салтан жакшы нээтте.
Сыйга эшик ачтырды
Меймандыкка чакырды.
Азамат биздин ал дагы,
Ак сарайга бир барды.
Кийминин баары чылк алтын,
Тактысында таажычан,
Чатырында шаа Салтан,
Кайгыга оюн толтурган.
Өрмөкчү да, ашмачы,
Бүбү катын Мастаны
Шаа жанында олтурат.
Абайлап аста карашат,
Коноктorун урматтап,
Анда Салтан сөз баштайт:
«Эй, жол болсун, мырзалар,
Кандай жайда болдуңар?
Жакшы, жаман кабардар,
Дүйнө кезген адамдар?
Кандай шумдук уктуңар?»
Кемечилер сөзгө келет
Падышага жооп берет:
«Алыс жолду сыдырдык,
Дүйнө жүзүн кыдырдык,
Деңиз кезип жол жүрдүк,
Бир укмушту биз көрдүк:
Деңизден арал жай алган,
Аралга калаа салынган.
Алтындан төбө жалтырап,
Чиркөөлөрү заңгырап,
Ортосунда бак-дарак
Сарайдын алды жагынан,
Карагай өсүп жай алган;
Тыйынга арнап кулпунган,

Хрусталь үй курулган;
Андан тыйын ыр ырдап,
Кабыктары алтындан,
Данеги каухар жаралган
Жаңгак чагат тынбастан;
Ал тыйынды кайтарган,
Күзөтчү бар, сакчы бар,
Чагылган канча жаңгактар,
Так эсептен тактатар;
Кабыктан дилде кыдыртып
Бүт дүйнөнү сыдыртып;
Кыздары дилде жыйышып,
Кампа-капшыт толук жык;
Ал аралда көп байлык
Жалаң чатыр кулпунуп,
Көңүлү анда бек толуп,
Шаа Гвидон олтурат,
Сизге салам айттырат».
Падыша Салтан таң калды,
Акыры мындай кеп салды:
«Тирүү болсом мен өзүм,
Ал аралды көрөмүн
Гвидондой князга,
Мейман болуп келемин».
Өрмөкчү да, ашмачы,
Бүбү катын Мастаны,
Ал укмуштуу аралга
Жиберишпес санаада,
Өрмөкчү шаага жылмайып
Сөз баштады муңайып:
«Таң каларлык эмне бар?
Таш кемирбес тыйындар
Алтыны аста чубурар,
Каухар толук жыйылар,
Чын-төгүнүн ким айтар,
Таң каларлык эмне бар.



Дүйнөдө башка укмуштар,
Мен айтайын угуп ал:
Деңиз толкуп чамынат
Күрүлдөп ашып ташкындап,
Жээкке толкун урунат.
Отуз үч алп толкушуп,
Күчү ташып шаңданат,
Бардыгы сулуу азамат,
Дөө акеси Черномор
Алар менен бир экен,
Таң калбай турган иш бекен,
Коноктор эстүү окшоду,
Мындай шумдук ким көргөн!»



Талаш кылбай токтоду.
Укмушка Салтан таңданат,
Ачуулу чымын камданат,
Эжеге жетип барганы,
Так эле сол жак көзүнө,
Жабыша түшүп калганы.
«Ай» — деп катуу үн салды;
Өрмөкчү өңү кумсарды.
Чуу салышты: «Кармалап»,
Кууп калышты сабалап,
Кетти князь жай гана,
Сызды келген жагына.
Деңизди князь жээктеди,
Көгөргөн бетин тиктеди;

Караса көңүл бөлүндү,
Сүзгөн Ак куу көрүндү:
«Эсенби, князь жарыгым!
Бүркөө неге кабагың?»
Гвидон князь жооп берди:
«Кайгы мени тепседи —
Укмуштан укмуш көп белем
Ал укмуш мага келсе дейм» —
«Көңүлүңдү дегдеткен,
Ал кандай укмуш иш экен?» —
«Ташыйт дейт катуу океан
Күрүлдөп ашып толкундап,
Жээкке барып урунган
Тармалданган толкундан,
Отуз үч алп чыгат дейт
Күчтөрү ташып шаңданган,
Бүтүндөй сулуу жандардан,
Дөө акеси Черномор
Алар менен бир экен».
Жооп берди Ак куу ага:
«Өкүнбөгүн сен ага,
Укмуштарды билемин,
Деңиздин ал алптары
Өзүмдүн ага-инилерим.
Кайгыланбай кете бер,
Мейманга сага келишер».

Шаа кетти кайгы унутуп,
Мунарада олтуруп,
Караса деңиз бетинде
Көрүндү шумдук көзүнө:
Чамынды деңиз чайкалып,
Күркүрөп толкун жайкалып,
Жээкке чыга урунса,
Отуз үч алп бир кылка
Чыга түштү талаага,

Темгил-темгил жаркылдап.
Калкандары калкылдап,
Башкалардын алдында
Алп акеси агарат,
Ушул турган шаар жакка
Алптарды баштап келатат.
Гвидон тура козголду,
Коноктору тоскону;
Жетти калың эл чуркап,
Алп аке шаага сөз баштап:
«Ак куу буйрук бергени,
Бизди сизге жиберди
Канатташ дайым болобуз,
Даңктуу шаарың коргойбуз,
Айланып жүрчү чалгынбыз.
Заңкайган бийик сепилсиз
Суусунан курган деңиздин;
Кетели, дагы келебиз».
Деди да баары кетишти
Үйлөрүнө жетишти.

Деңизде шамал лепилдеп,
Айдаса, кеме тез келет;
Жел кайыгы жайкалып
Толкунда тез-тез чайкалып,
Бийик дөбө аралда,
Дүмпүйгөн чоң калаада;
Жакын келген чагында
Замбиректер атылат,
Токтошко буйрук айтылат.
Меймандабай каларбы?
Алдыга ширин аш койду;
Жөн сурашып сөз болду:
«Кандай соода кыласыз,
Эми кайда барасыз?»
Деңизчилер баш ийкеп,

Гвидонго жооп берет:
«Алыс жолду сыдырып,
Дүйнө жүзүн кыдырдык,
Соодаладык баарысын,
Эми жетип убакыт
Чыгышты карай жол
тарттык;
Буяндан жолду бурабыз
Шаа Салтанга барабыз».
Шаазада анда сөз баштап;
«Жолуңар болсун мырзалар,
Океан менен деңизде,
Падыша Салтан эренге,
Гвидон князь элинен
Салам айтты дегиле!»

Меймандар дагы кош айтты,
Тигине, алар жол тартты.
Бойлой басып деңизди,
Шаазада бөлдү көңүлдү,
Толкундан Ак куу көрүндү.
Ак кууга князь үн берди:
«О, кайрымдуу достум,
келдиңби?
Те, кемеге жетип барсам деп
Көңүлүм менин дегдеди...»
Канатын Ак куу имерди,
Суудан чачып жиберди.
Кымындай боло калганы
Аарыга князь айланды.
Кемеге жетип барганы,
Кычыгынан жай алды.

Лепилдеп жумшак жел урат,
Теңселип кеме тез жылат.

Буян аралын кылаалап,
Шаа Салтанга баратат.
Толкундатып көңүлдү,
Каалаган өлкө көрүндү,
Токтоду кеме жээкте,
Салтан жакшы нээтте
Сыйга эшик ачтырды,
Меймандыкка чакырды,
Азамат биздин ал дагы,
Сарайга учуп бир барды.
Кийминин баары алтындан,
Тактысында таажычан,
Чатырында шаа Салтан
Кайгыга оюн толтурган.
Өрмөкчү да, ашмачы,
Бүбү катын Мастаны,
Шаа жанында үчөө тең
Карашат кекчил көз менен.
Коноктору урматтайт
Падыша Салтан сөз баштайт:
«Эй, жол болсун, мырзалар,
Кандай жайда болдуңар?
Жакшы, жаман кабардар,
Дүнүйө кезген адамдар?
Кандай шумдук уктуңар?»
Кемечилер баш ийкеп,
Падышага жооп берет:
«Алыс жолду сыдырдык,
Деңиз кезип көп жүрдүк,
Бир укмушту биз көрдүк.
Деңизден арал жай алган,
Аралга калаа салынган.
Адамды укмуш таң калтат,
Деңизди күүлөп чайпалтат.
Күрпүлдөп толкун
ташкындап,

Жээкке катуу урунат,
Отуз үч алп бир кылка
Чыга келет талаага
Темгил-темгил жаркылдап,
Калкандары калкылдап,
Өңчөй сулуу азамат
Тандалгандай жарашат.
Катар тизет экиден,
Дөө акеси Черномор
Баштап басат алдыга,
Чалгын чалып аралга,
Жандан ашкан өңчөй алп
Өткөрө сак кайтарат.
Капарсыз князь Гвидон
Сага салам айттырат».
Падыша Салтан таң калды,
Ошондо мындай сөз салды:
«Тирүү болсом мен өзүм
Ал аралды көрөмүн
Гвидондой князга
Мейман болуп келермин».
Ооз ачпады өрмөкчү,
Кеп айта албай ашмачы,
Кытмыр күлүп Мастаны
Тымызын кеп баштады:
«Таң каларлык эмне бар?
Деңизден калкып чыгышар,
Чалгын чалып кыдырар,
Чын, төгүнүн ким айтар?
Дүйнөдө башка укмуш бар,
Мен айтайын угуп ал:
Деңиздин ары жагында
Бар экен бир ханыша:
Күндүз күндү тутултат,
Түндө жерди кулпунтат,
Чач алдынан ай чыгат,

Маңдайда жылдыз
жаркырап,
Өзү шаңдуу көрүнөт,
Чүрөктөй сулуу керилет;
Шылдырап аккан булакча,
Кеби сонун кулакка.
Ушул укмуш, укмуш да,
Укмушту да чын айтса».
Коноктор эстүү сөз айтпайт;
Мастандан кеп талашпайт,
Таң калды Салтан укмушка.
Ачууланды шаазада,
Чоң апасы Мастанды
Чагышка көзүн аяды.
Ызылдап учуп кемпирдин
Төбөсүндө айланды.
Кемпирдин конуп мурдуна
Азамат чагып алганда,
Шишип чыкты мурду да.
Мастаның ачуу унчукту:
«Ал, жараткан жардамга!
Кармагыла, жанчкыла!
Азыр аны тез кармап,
Ай сениби, Ызылдак...»
Терезеден ызылдап,
Чыкты аары жай гана,
Сызды келген жагына.

Деңизди князь жээктеди,
Көгөргөн бетин тиктеди;
Тиктесе көңүл бөлүндү,
Сүзгөн Ак куу көрүндү.
«Эсенби, князь, жарыгым!
Неге бүркөө кабагың?
Эмне жөндүү кайгырдың?» —
Сураса Ак куу жөн жайын,

Гвидон князь жооп берди:
«Кайгы мени тепседи:
Элдин баары үйлөнгөн,
Жалгыз бойдон мен жүргөн».
«Көздөгөнүң бар беле?»
«Бар дешет ушул дүйнөдө
Бир укмуштуу ханыша кыз
Көркүнөн айрып көз алгыс:
Күндүз күндү тутултkан,
Түнүндө жерди кулпунткан,
Чач алдынан ай чыккан,
Маңдайдан жылдыз
жаркырап,
Өзү шаңдуу көрүнгөн,
Чүрөктөй сулуу керилген;
Шылдырап аккан булакча,

Кеби сонун кулакка.
Укмуштуу сулуу бар дешет,
Чын төгүнүн ким билет?» —

Эмне деп айтар экен деп,
Чочулап князь жооп күтөт.
Кеп айтты бир аз ойлонуп:
«Айтканындай бийкеч бар,
Чын болуучу сүйгөн жар.
Силкип колдон шыпырар,
Бел куруна кыстарар,
Кол кап эмес аялың,
Болбосун кийин арманың.
Кеңеш бердим чындап ук,
Терең ойлоп чыдап чык».
Князь Ак куу алдында
Коркунуч менен жооп күттү,
Ойлоно түшүп кайрыла,
Эсине сулуу да түштү.
Жар сүйүүгө сабылды,
Сулууну эңсеп сагынды,
Жан дилинин барынча,
Чечилип берди убада,
Жер түбүндө болсо да
Жетемин дейт пияда.
Көкүрөк керип термелди,
Үшкүрүп Ак куу и-и деди:
«Алыска барба шаазада,
Тагдырың сенин жанында,
Сен издөөчү ханыша
Алдында турган мен—мына»,
Канатын Ак куу сермеди,
Толкундан учуп жөнөдү,
Жээктеп барып бадалга,
Аралап коно калды да,
Силкинип катуу умтулду
Ханыша болуп кулпунду;
Чачы алдынан ай чыгат,
Маңдайдан жылдыз
жаркырап,

Бой келбети шаңданат,
Көргөн адам таң калат;
Шылдырап аккан булакча,
Кеби сонун кулакка.
Издеген ушул ханыша,
Кучагын жайып шаазада,
Ак төшүнө бек кысты
Сүйгөн жарын ээрчитип,
Энесине тез жетип,
Бут алдына жыгылды,
Ак энеге жалынды:
«Улугум менин энекем,
Касиеттүү берекем!
Жар тандадым өзүмө,
Күйүмдүү келин өзүңө.
Алдыңызга келдик биз,
Батаңызды бериңиз!
Батаңыз бизди жалгасын,
Ынтымак, сүйүү калбасын».
Төгүп эне көз жашын
Берди ыйык батасын;
«Жараткан өзү жар болот,
Балдарым ишиң оңолот».
Бат курду князь жыйынды
Той өттү, нике кыйылды;
Ханыша болуп алганы,
Күтүштү эми баланы.

Деңизде шамал лепилдеп,
Кемени айдап тез келет;
Парусу бийик жайкалып,
Толкунда кез-кез чайкалып,
Бийик дөбө аралда,
Дүмпүйгөн чоң калаада,
Жакын келген чагында
Замбиректер атылат,

Токтоого буйрук айтылат.
Гвидон князь аларды,
Меймандабай каларбы?
Алдыга ширин аш койду,
Жөн сурашкан сөз болду:
«Эмне соода кыласыз,
Кайда багыт аласыз?»
Деңизчилер баш ийкеп,
Гвидонго жооп берет:
«Алыс жолду сыдырдык,
Дүйнө жүзүн кыдырдык,
Толгон буюм алганбыз,
Болду эми деп убакыт,
Чыгыш жакка жол тарттык.
Буяндан өтүп алабыз,
Шаа Салтанга барабыз».
Шаазада анда сөз баштап:
«Жолуңар болсун, мырзалар
Океан менен деңизде,
Падыша Салтан эренге,
Эскерткиле төрөнө:
Убадасы бар эле,
Меймандыкка келишке,
Келбей жүрөт ал неге?
Менден салам бергиле».
Меймандары жол тартты,
Гвидон князь кош айтты.
Үйүнөн чыкпай бул жолу,
Аялы менен бир болду.

Лепилдеп жумшак жел
жүрөт,
Теңселип кеме тез жылат,
Кылаалап Буян аралын
Шаа Салтанга баратат.
Толкундатып көңүлдү,

Токтоду кеме жээкке.
Сыйга эшик ачтырды,
Меймандыкка чакырды.
Тактысында таажычан,
Чатырында шаа Салтан,
Өрмөкчү да, ашмачы,
Бүбү катын Мастаны,
Шаа жанында олтурат,
Меймандарды урматтап,
Падыша Салтан сөз баштап:
«О, жол болсун, мырзалар
Кандай жайда болдуңар?
Дүйнө кезген адамдар,—
Дүйнөдө кандай укмуш бар?»
Кемечилер жооп берет:
«Алыс жолду сыдырдык,
Дүйнө жүзүн кыдырдык,
Деңиз кезип көп жүрдүк,
Мындай укмуш биз көрдүк;
Деңизден арал жай алган,
Аралга калаа салынган,
Алтындан төбө жалтырап,
Чиркөөлөрү заңгырап,
Ордолуу жай бак-дарак,
Карагай өсүп шуулдап,
Арналып тыйын чычканга,
Акактан там курулган.
Тыйын чычкан ыр ырдап,
Кабыктары алтындан
Данеги Каухар жаралган,
Жаңгак чагат тынбастан.
Анда да бар бир укмуш,
Таң калгандай шумдук иш;
Чамынат деңиз чайпалып,
Жээкке чыга урунса,
Отуз үч алп бир кылка,

Чыга түшөт талаага,
Темгил-темгил жаркылдап,
Калкандары калкылдап,
Өңчөй сулуу азамат,
Дөө акеси Черномор
Алар менен бир экен.
Жандан ашкан өңчөй алп,
Өткөрө сак кайтарат,
Князда бар сүйгөн жар,
Көргөн адам суктанат:
Күндүзү түндү тутултат,
Чач алдынан ай чыгат,
Маңдайда жылдыз
жаркырап,
Князь шаарын башкарат.
Бардыгы андан жалтанат,
Ал князь сени урматтап,
Дагы салам айттырат:
Убадасы бар эле,
Келбеди дейт ал неге?»

Падыша токтоп турбады,
Кемени жолго камдатты.
Өрмөкчү да, ашмачы,
Бүбү катын Мастаны,
Ал укмуштуу аралга
Жиберишпес санаада,
Падыша Салтан аларга,
Ачуу айтты, жер тепти,
Бек жаап чыкты эшикти.

Шаа Гвидон бир кезде,
Терезеден тиктеде:
Толкуну жок кичине,
Көйкөлгөн деңиз бетинде,
Көз учунда бүлбүлдөп,
Келаткан кеме көрүнөт:

Деңизге сапар жол таткан
Ал кемеде шаа Салтан.
Гвидон князь кубанган,
Ыргып туруп ордунан:
«Карачы деңиз бетине,
Сен эле жаш ханыша,
Келаткан бизге падыша!»
Кебин айтып жарыя,
Дүрбүдөн князь караса:
Жакын калган аралга,
Кемедеги падыша;
Ал да дүрбү бураган,
Арал жакка караган,
Жанындагы өрмөкчү,
Ашмачы да, Мастаны,
Ушул чоочун аралга,
Таң калышат алар да.
Замбиректер атылат,
Коңгуроолор даңгырап,
Гвидон өзү жол баштап,
Тосту шааны урматтап.
Өрмөкчү да, ашмачы,
Бүбү катын Мастаны,
Аларга сөз айтпады,
Шааны шаарга баштады.

Баары бирдей катарлап,
Ак чатырга келатат.
Дарбаза алды жаркырап,
Болот кийген эр турат,
Падыша байкап караса,
Отуз үч алп бир кылка,
Өңчөй жапжаш азамат,
Өңдөрү сулуу, таң калат.
Дөө акеси Черномор
А да бирге бар экен.

Шаа жеткенде сарайга,
Бай карагай алдында,
Тыйын чычкан ыр ырдап,
Алтын жаңгак чагышат.
Каухарларын алышат,
Каптарына салышат,
Сарай ичи өтө кең,
Алтын кабык себилген.
Меймандар андан ашыга
Бет алдыга караса,
Княгиня нур төгөт,
Укмуш болуп көрүнөт,
Чачы алдынан нур чыгат,
Маңдайында жылдыз
жаркырайт:
Өзү шаңдуу керилет,
Суйсалган сулуу эринет,
Кайын энеси жанында,
Көрүп таанып падыша:
«Көзүмө ким көрүнөт?
Бул кандайча болгон кеп?»
Оттой жанды ал өзү,
Токтоно албай жаш төктү.
Кучактап ал Ханышаны,
Сүйдү уулу мырзаны,
Дасторкон толду, той болду;
Бардыгы тойдо олтурду.
Өрмөкчү да, ашмачы,
Бүбү катын Мастаны
Качты ал үчөө туш-тушка,
Жашынышты бурч-бурчка.
Издетип араң табылды,
Жалбарып алар жалынды,
Моюнга алып айыпты,
Өксүштү, жаш тамызды,
Кубанчы үчүн падыша

Үчөөнү салды жолуна.
Күн кечкирди жаткызды
Саал кызымтал Салтанды.
Мен да ал тойдо болгомун,
Пивого, балга азыраак
Мурутту малып койгомун.



БАЛЫКЧЫ ЖАНА БАЛЫК ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

Көк деңиздин боюнда
Бир кемпир, чал болуптур;
Жер тамда алар турганга
Отуз үч жыл толуптур.
Чал деңизден күнүгө
Балык уулап жүрчү экен.
Кемпир дайым үйүндө,
Ийик ийрип турчу экен.
Чал бир күнү эртелеп,
Деңизге барып тор салды:
Тартып алса энтелеп,
Илип чыкты чөп-чарды.
Экинчи жолу абышка
Салса торду деңизге
Толуп чыкты камышка.

Үчүнчү жолу тор салса,
Илинип чыкты бир балык.
Жөн балыкка окшобойт,
Алтын экен караса,
Кишиче сүйлөп жалынып,
Алтын балык кеп айтат:
«Коё бер мени, абышка,
Мен деңизге кетейин,
Кунум үчүн мен сага,
Тилегениң берейин».
Абышкага ошентип,
Алтын балык сөз салды.
Эси чыгып калтырап,
Абышка кыйын таң калды.
Отуз үч жыл абышка,
Сүйрөп сууга тор салган,
Кишиче сүйлөйт балык деп,
Кулагы такыр чалбаган.
Жиберип алтын балыкты,
Жумшактап ага сөз айтты:
«Алтын балык, барагой.
Берүчү дүнүйөң албасмын,
Көк деңизде сайрандап,
Эркин ойноп жүрөгой».

Үйүнө ылдам чал кайтты,
Кемпирге укмуш кеп айтты:
«Бүгүн бир балык кармасам,
Жөн балыкка окшобойт,
Алтын экен карасам,
Сүйлөгөн бизче сөзү бар,
Коё бер сууга деп сурайт.
Кунум үчүн мен сага
Берейин баарын деп сурайт.
Коё бердим балыкты.
Суроого оозум барбады».



Кемпир чалды каргады:
«Алжыган акмак абышка,
Балыктан кун албапсың,
Биздики кыйрап калды эле,
Жок дегенде оңбогур,
Бир тепши сурап албапсың!»

Абышка барды деңизге,
Караса, деңиз чайпалды.
Чакырып алтын балыкты,
Абышка туруп үн салды.
Алтын балык акырын,
Сүзүп келип сурады:
«Не керек сага, абышка?»
Сылык сөз менен ийилип,
Кайтарды жооп балыкка:
«Балык төрөм, ырайым кыл,
Жектеп, каарып кемпирим,



Өткөрдү жаман катуу тил,
Кемпирге керек болуптур
Кир чайкоочу бир тепши.
Эбинен кетип бөлүнүп,
Биздики сынып болуптур,
Балык жооп кайтарат:
«Капа болбой бара бер,
Тепшиңер кайра жаңырат».

Кайтса үйүнө абышка,
Тепши жаңы болуптур.
Андан бетер кемпири,
Алды катуу каргышка:
«Алжыган акмак, абышка,
Бир тепши араң сурапсың,
Тепшиңде эмне касиет?

Аялдабай бат баргын,
Баш уруп сурап, үй алгын!».

Деңизге ылдам чал барды,
Көк деңиз бети карарды.
Жакындап келип жээкке,
Чал балыкты чакырды.
Сүзүп келип акырын,
Алтын балык сурады:
«Не керек, сага, абышка?»
Сылык сөз менен ийилип,
Кайтарды жооп балыкка:
«Балык төрөм, ырайым кыл,
Кемпирим катуу тилдеди.
Жолотпой үйгө кубалап,
Мага тынчтык бербеди.
Долу катын булкулдайт,
Жаңыраак чоң бир үй
сурайт».
Балык жооп кайтарат:
«Капа болбой бара бер,
Үйүңөр кайра жаңырат».

Кайтса үйүнө абышка,
Жер үйдөн из да калбаптыр.
Көз алдында заңгырайт
Жыгачтан салган чоң ак там,
Дарбазалар заңгырайт,
Асыл кымбат жыгачтан.
Терезенин түбүндө
Отурган кемпир жинденди.
Жер-сууну айтып күйөөсүн,
Андан бетер тилдеди:
«Алжыган акмак, абышка,
Алганың барын бир үйбү?
Баш уруп баргын балыкка,

Кара сөөк какшыган
Дыйкан катын болбоймун.
Түбү түптүү жакшыдан,
Дөөлөттүү катын болоймун!»

Барды абышка деңизге,
Барса, деңиз чайпалды.
Жакындап барып жээкке,
Чал балыкты чакырды.
Келип балык кеп сурайт:
«Не керек сага, абышка?»
Сылык сөз менен ийилип,
Жооп берди балыкка:
«Балык төрөм; ырайым кыл,
Кемпир кайра жинденди,
Мурункудан бешбетер
Тилдеп, тынчтык бербеди.
Букара дыйкан болбойм дейт,
Түбү түптүү жакшыдан,
Дөөлөттүү катын болом дейт,
Муну кантем, жооп бер?»
Балык жооп кайтарды:
«Бар, кайгырбай бара бер».

Кайтса үйүнө абышка,
Чоң үй турат жаркырап,
Кемпири бийик олтурат,
Кийгени көздү уялтат.
Жакасы алтын, жеңи жез
Үстүндө бешмант кулпурат.
Акак, шуру мойнунда,
Алтын шакек колунда,
Саймалуу өтүк бутунда,
Сан кызматчы жолунда.
Санжыргалуу салтанат,
Санаасыз кемпир олтурат.



Төбө чачтан тик кармап
Кызматчысын дагы урат.
Абышка келип кеп айтат:
«Амансыңбы, байбиче,
Бак, дөөлөт башка конуптур,
Айтканың мына келиптир.
Көңүлүң ыраазы болдубу?»
Кемпири чалга бакырды:
«Оокатын кылсын ары» деп,
Атканага жиберди.

Бир эки-жума өткөн соң,
Кемпир кайта жинденди.
Жумшамак болуп балыкка:
«Барып жүгүн, абышка,
Байбиче болуп турбаймын,
Боломун эркин падыша».
Абышкадан жан чыкты:
«Сен катын жинди болдуңбу?
Же басканга бутуң келбесе,

Кой десе тилди албайсың,
Умтулба кемпир сен ага,
Сен падышачылыкты
булгайсың».
Кемпирдин келип ачуусу
Жаактан ары бир койду:
«Мен байбиче болсом
жакшыдан,
Сен мужук болсоң какшыган.
Кербезденип кеп айтып,
Керишкенди ким койду?
Жакшылыкча деңизге



Барар болсоң, баргын бат,
Барбас болсоң, бу жерден,
Дегдеңдетип алпарат».

Деңизге кайта чал барды,
Көк деңиз бети карарды.
Жакындап келип жээкке,
Чал балыкты чакырды.
Алтын балык акырын,
Сүзүп келип сурады:
«Не керек сага абышка?»
Баш уруп төмөн балыкка,
Абышка жооп кайтарды:
«Балык төрөм, ырайым кыл!
Кемпир кайта бузулду.

Байбиче төрө болбойм дейт,
Болгон күндө эгерде,
Эркин падыша болом дейт».
Балык жооп кайтарды:
«Бар, бара бер, абышка,
Кемпириң болсун падыша».

Кайтса үйүнө абышка,
Алтын, күмүш кээ бири,
Ортодо болуп падыша
Олтурган экен кемпири.
Кызматында төрөрлөр
Ичкени укмуш винолор,
Жегендери бал токоч.
Жанында ай балталуу,
Кароолу турат айбаттуу.
Кемпирден коркуп абышка,
Бутуна келип жыгылды:
«Аманбы, таксыр падыша?
Бак дөөлөт башка кондубу?
Көңүлүң ыраазы болдубу?»
Чалга көзүн бурууга,
Кемпири көңүл бурбады.
Айдап азыр чыгууга,
Кемпир көзүн ымдады.
Бояр, төрөлөр жакалап,
Чалды эшикке сүйрөдү.
Сырттан чуркап кароолу
Коё жазды балталап,
Эл шылдыңдап күлүштү:
«Ким үйрөттү, абышка,
Мындай жерге жүрүштү?
Аңкоо жаман билип кой,
Сен басар жер бир башка».
Күн өтүп, айга созулду,
Кемпирдин түрү бузулду.

Сарайдан киши чаптырды,
«Угуп тур, жинди абышка,
Барып жүгүн балыкка,
Болгум келбейт падыша.
Көл дарыяны ээлесем,
Деңиз болсо мекеним,
Алтын балык алдымда
Кызматчы болуп нөкөрүм».

Абышка ооз ачпады,
Бир деме деп айтууга
Жүрөк коркуп, батпады.
Келсе абышка деңизге,
Капкара катуу бороон бар.
Күрүлдөп көккө чамынып,
Сүрүлүп жүрөт толкундар.
Үн салды чал балыкка,
Сүзүп келип акырын,
Алтын балык сурады:
«Не керек сага, абышка?»
Сылык сөз менен ийилип:
«Балык төрөм, ырайым кыл.
Каргыш тийген катынга,
Кандай айла кылайын?
Падыша катын болбойм дейт.
Көк деңиз болсун мекеним,
Алтын балык алдымда
Кызматчы болсун нөкөрүм».
Абышка айтып токтоду,
Балыктан жооп болбоду.
Куйругун сууга чапты да,
Деңизге кирип жок болду.

Көпкө турду абышка,
Жооп күтүп жалдырап.
Болбогон соң эч кабар,

Кайтты үйүнө шалдырап.
Мурдагы түргө келиптир,
Орноп кайта эскиси,
Жер тамдын кирер оозунда
Отурган экен кемпири,
Алдында жатат бөлүнүп,
Баягы сыныктепшиси.



ӨЛГӨН ХАНЫША ЖАНА ЖЕТИ БААТЫР ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

Узак жолго камданып,
Хан коштошту, ханша калып.
Ханша кантсин, айнектен
Карайт жакты ал кеткен.
Жолду карап күн бою
Талып көзү ооруду,
Көрүнбөдү сүйгөн дос,
Өтүп жатты мезгил бош.
Аппак кылып ааламды
Кар үстүнө кар жаады.
Өттү ошентип тогуз ай,
Тогуз ай жолдон көз албай,
Жүргөн кезде ханшаңыз
Теңирим ага берди кыз.
Эртеси эрте таң менен,
Узак күндөр күттүргөн
Хан ата үйгө келди аман,
Кайрылып алыс сапардан.



Ханша жайып кулачын,
Көтөрө албай кубанчын
Түш мезгилде жан берди,
Таң калтырып көргөндү.

Сооронбоду көпкө хан,
Кантмек эле ал анан,
Бир көргөн түштөй жыл өттү
Жалгыздык кыйын жүдөттү,
Үйлөндү хан башкага
Табылды сулуу жаш гана.
Сыпаттасак алганын,
Нак өзүндөй ханшанын:
Узун бойлуу, аппапак,
Акыл-эси келген бап,
Бирок көйрөң, мактанчак,
Кесирлүү да кызганчак,

Сепке келген күзгүсү,
Адамча сүйлөй билүүчү.
Ал күзгү барда жаш ханша:
Кубанып күлчү балача,
Кең пейил, жумшак
мүнөздүү,
Шайыр шат болчу көп сөздүү.
Тамашалап сөз катты,
Жагалданып сыр айтты:
«Айтчы, күзгүм, сырыңды,
Жашырбай бардык
чыныңды,
Сүйкүмдүү менби баарынан,
Ашкан менби сулуудан?»
Күзгү берди мындай жооп:
«Албетте, мында талаш жок;
Баардыгынан сулуу сен,
Баарынан аксың келишкен,
Болсо дагы дүйнө кең
Сүйкүмдүү жок сага тең».
Ханша күлдү шыңкылдап,
Буралып басты кылтылдап,
Эриндери күбүрөп,
Сүйгүн көзү күлүңдөп.
Кош бөйрөгүн таянды,
Күзгүгө кайра каранды.

Ал кезде ханша жаш кези,
Кулпургандай кырмызы.
Тал чыбыктай буралды,
Бой тартып сулуу таранды,
Ак жуумал жүздүү, кара каш
Сылык мүнөз, жалын жаш
Ханзада жигит Елисей
Ошол кызды тапты издей,
Жуучу келип беттешти,



Куда түшүп кездешти.
Бермек болуп кызын хан
Убада берди оозунан.
Бардык нерсе ханда бар
Берилүүчү сеп, даяр:
Жети шаар тандалды,
Жүз кырк үй камдалды.

Тойго ханша чыгарда,
Күзгүсүн алып колуна,
Ага күлүп карады,
Андан бир сыр сурады:
«Сүйкүмдүү менби баарынан,
Ашкан менби сулуудан?».
Күзгү берди мындай жооп:
«Сен сулуусуң, талаш жок.
Бирок дагы хан кызы
Адамзаттын жылдызы,
Сүйкүмдүү ошол баарынан,
Ашкан ошол сулуудан».

Анда ханша булкунду,
Колун силкип жулкунду.
Чыдай албай үшкүрдү,
Сындыра жазды күзгүнү:
«Ай, шум айнек тантыба,
Ишенбеймин калпыңа.
Эселек кыз, сен билсең,
Мага кайдан келсин тең?
Балким, ал кыз ак чыгар,
Анда мындай маани бар:
Кош кат кезде энеси,
Ооруксунуп денеси,
Карды гана караган,
Көзүн албай талаадан.
Ошондо да айталам:
Кем эмесмин мен андан!
Билсең ашкан сулуу мен,
Ааламда жок мага тең.
Чын айт мендей сулуу жок».
Күзгү мындай берди жооп:
«Андай айтпа, хан кызы
Сулуулардын сулуусу».
Эми кылар арга жок,
Ачууланды ороңдоп,
Жерге таштап күзгүнү,
Ачууланып үшкүрдү.
Кыйкырды таппай айласын:
«Кайдасың, Мастан,
кайдасың?»
Мастанды ханша чакырды,
Мындай кылды акылды:
«Хандын кызын, кет алып,
Токойго ташта алпарып,
Жыгачка байла бекемдеп,
Таламай кылсын бөрү жеп».
Текебер аял коёбу,

Тирешкен менен болобу.
Кетти Мастан кызды алып,
Алыс кетти канчалык.

Хан кызы коркуп алайды,
Эсине салды далайды.
Каршылашар ал барбы,
Мастанга мындай жалбарды:
«Ая мени, о жаным!
Кайсы менин жазыгым?
Калтыра көр жанымды,
Өчүрбөгүн жалынды.
Ханша болгон кезимде,
Не сурасаң өзүңө
Аябастан берейин,
Алдыңа алтын төгөйүн».
Ошондо аяп ал Мастан
Өлтүрбөстөн, таңбастан.
Коё берип, муну айткан:
«Кайгырба, сактайт
жараткан».
Кайтты Мастан токойдон.
Ханша сурайт ошондон:
«Хан кызын кайда
кетирдиң?
Кайсы көргө житирдиң?»
«Жалгыз калды токойдо. —
Деди кемпир ошондо,—
Колу-буту байланды;
Өлдү дей бер сен аны.
Арсак тиш жырткыч мол
экен,
Тырмактуу жырткыч толо
экен,
Азапты байкуш аз көрөт,
Оңой өлөт, тез өлөт».



Ай тетири тоголду,
Хандын кызы жоголду!
Деген кабар таралды,
Алыс, жакын каралды.
Кайгыланды хан жүдөп,
Араң калды мөгдүрөп.
Жаш ханзада Елисей
Душманга сыр билгизбей,
Алдасына жалынып,
Сапарга чыкты камынып,
Билбесе да кабарын
Издемек болду жаш жарын.

Чер токойдо адашып,
Келе жатса кыз шашып,
Алдынан сарай көрүнөт,
Сарайдан чуркап бир дөбөт
Алдынан чыкты эркелеп,
Дегенсип, келбей эртерек.
Короого кирди кыз аттап,
Тыптынч турат бардык жак.
Кыздан калбай шыйпаңдап,
Эркелеп келет ит жандап,
Көтөрүлдү баскычтан,
Тартты эшикти тарткычтан,
Акырын эшик термелди,
Көп кызыкты кыз көрдү;
Жарык, кенен үй экен
Төшөлүп килем түрдөнгөн.
Эмен стол дагы бар,
Отун жагар меш даяр,
Мунун баарын кыз көрдү,
Кыз баарына түшүндү;
Бул үйдө турган
жакшылар!—
Райым кылчу бар чыгар?
Кыздын жашы төгүлбөйт,
Бирок да бир жан көрүнбөйт.
Баспаган бурчу болбоду,
Шыпырып, кагып оңдоду,
Кудайга жакты шам арнап,
Меште күйдү от зуулдап.
Анан чыгып супага
Кетти акырын уйкуга.

Түш мезгили болгондо,
Угулду дүбүрт коргондо:
Жети баатыр кирди шат,
Жети бирдей азамат,

Муруттары сербеет
Эң улуусу салды кеп:
«Бул кандайча керемет?
Коюптур үйдү иреттеп.
Үйгө бирөө келген бейм?
Бизди күтүп турган бейм?
Биздин үй бакка тунган
бейм?
Кана, кимсиң? Чык бери!
Достошолу чын жери.
Жашың улуу болсоң чал,
Ата болуп бизге кал.
Эгер болсоң жаш жигит,
Ини бол, жүр биригип,
Кемпир болсоң — эне бол,
Келин болсоң — жеңе бол!
Кыз болсоң айдай ак жүздүү,
Карындаш бол сүйкүмдүү».

Ошондо сулуу хан кызы,
Жылдыздардын жылдызы
Келди алардын жанына,
Салам айтты баарына.
Кол куушуруп бүгүлүп,
Башын ийип жүгүнүп,
Чакыртпастан мейманга
Өзү келип калганга
Кысталгандай уялып,
Жатты кечирим суранып.
Ал сөздөн улам жети адам
Урматташып кызды абдан,
Орун берди ортодон,
Төшөлдү дароо дасторкон.
Бокалдарды толтурду
Болбогонду болтурду;
Аркыл таттуу токочту

Алып келип коюшту.
Патносто келген шараптан
Таткан жок кыз бир ууртам.
Тамылжып нуру бетинен,
Таттуу токоч четинен,
Үнсүз жеди аз гана,
Койбоду көңүл башкага.
Таң атканча жол жүрүп,
Чарчадым деп билдирип,
Керебетин сурады.
Жети баатыр турбады,
Алып чыгып өйдөгө
Кийирип жарык бөлмөгө,
Жалгыз өзүн таштады,
Сулуу кыз жатып уктады.

Күн артынан күн өттү,
Падыша кызы, жапжаш гүл,
Жанында жети баатырдын
Өткөрдү күндү акырын.
Ар күн таңдын алдынан,
Жети баатыр бир тууган
Баары тегиз турушат,
Тамашага чыгышат.
Кызыктарга батмакчы
Каз, өрдөктөн атмакчы.
Канга боёп жолдорун,
Кубантышмак колдорун.
Токойдон ары өтүшмөк
Татардын башын кесишмек.
Пятигорск черкесин,
Көрсө кыймак желкесин.
Айдай сулуу ал кезде,
Эч сөз айтпай эрлерге,
Жалгыз калып күнүгө,
Ээлик болот чоң үйгө,

Шыпырат, жыят, тазалайт,
Аш-тамагын даярдайт.
Алар да кызга ишенди,
Өткөрдү далай күндөрдү.

Жүрчү эле жети бир тууган
Үмүт кылып сулуудан.
Бир күнү таң атканда,
Жаңыдан туруп жатканда
Баары бирдей келишти,
Кызга салам беришти.
Улуусу туруп сөз катты,
Сөзүнүн баары таптаттуу;
«Карындаш болдуң сен,—
деди,
Жетөөбүзгө тең,— деди.
Жалгыз сени жетөөбүз,
Жактырабыз, сүйөбүз.
Барыбызга тий десек,
Кудайга жакпайт мындай
кеп.
Калыс болчу өзүң бар,
Бирибизге болгун жар,
О, сүйкүмдүү карындаш!
Олтурасың чайкап баш.
Кай жерибиз элден кем?
Болбойбузбу сага тең?»
«Ой, адилет баатырлар,
Бир туугандай жакындар! —
Баатырлар ага таң калды,
Падыша кызы жалбарды,—
Жалган айтсам өлөйүн,
Кудайдын каарын көрөйүн.
Баарың бирдей баатырлар,
Баарында күч, акыл бар,
Бирок менин теңим бар,

Кайындап койгон жерим,
бар,
Баарынан артык сүйгөнүм,
Ышкы отуна күйгөмүн;
Жаш ханзада Елисей,
Жүрөмүн аны мен эңсей».
Бир туугандар унчукпай,
Желкесин кашып турду жай.
Улуусу гана сөз катты,
Мына мындай деп айтты:
«Күнөө болбойт сураган,
Кечирип кой суранам».
Кыз акырын сүйлөдү:
«Жок дегеним күнөөбү?
Айып эмес агалар,
Эч нерсе жок таң калар».
Айткандан соң кыз жайын,
Эскерткен соң жубайын,
Бардык күйөө ийип баш
Үйдөн чыкты удаалаш.
Анан баары күнүгө
Тура берди бир үйдө.

Заардуу ханша бир кезде
Алды байкуш кызды эске,
Бөлмөсүнө кирди да,
Күзгүсүнө келди да,
Ачууланып карады,
Ызасы бир аз тарады.
Сулуу тартып кайрадан,
Гүл боло калып жайнаган,
Сыр сурады күзгүдөн:
«Аманбы, күзгүм, сырыңды
айт,
Жашырбай бардык чыныңды
айт:

Сүйкүмдүү менби баарынан?
Ашкан менби сулуудан?»
«Сулуусуң, ханша, сен ырас;
Сүйкүмдүүсүң жок, талаш.
Бирок калың токойдо,
Атаксыз, даңксыз ошондо
Жети баатыр жанында,
Жакшы тилек жагында
Сенден ашкан сулуу бар,
Жөнүң жок, ханшам
мактанар».
Ошондо ханша алкынды,

Тапты кайра Мастанды:
«Мени алдайын дединби?
Табайынбы эбинди?
Айт чыныңды, айт ылдам,
Умут кылсаң жаныңдан,
Акыры айтар сөз ушул,
Эми коёр шартым бул:
Же жоёсуң кыз көзүн,
Же өлөсүң сен өзүң!»

Бир күнү хандын жаш
кызы,

Нурдуулардын нурдуусу,
Агаларын көп күтүп
Отурса жалгыз эригип,
Үрүп калды ит сырттан,
Караса, келген бир Мастан,
Ит умтулса абалап,
Таш алып кайра качырат.
Терезеден кыз карап:
«Токтой тур,— деди азыраак,—
Өзүм итти кармайын,
Сага кайыр арнайын».
Кемпир айтты өз сөзүн:
«Ой, садага бил өзүң!
Каргыш тийген чоң дөбөт
Коё турган тытып жеп,
Бери чыкчы нан алып!»
Чыккысы келип, кыз барып
Эшикти ачса ашыгып,
Ит турат кетпей асылып,
Болбой кыздын эркине,
Атырылат кемпирге.
Кемпирди кызга келтирбейт,
Кемпирге кызды жеткирбейт,
Өңү суук заардуу,
Карышкырдан каардуу,
«Кандайча иттин мунусу,
Канбаганбы уйкусу?»
Кемпирге муну кыз сүйлөп,
Ыргытты нанды «Карма!» —
деп
Кемпир тосуп нанды алды,
Алкыш айтып жалбарды:
«Теңирим сени кылсын шат,
Сага да сыйлык жарашат.
Ме,— деди кемпир,— белегим,
Кайырчы берди дебегин».

Ыргытты кызга бир алма,
Боёлгондой алтынга...
Келатканда зыркырап,
Турат беле ит чыдап...
Бирок кыз мурун кармады
Ыргытылган алманы:
«Энем берди дээрсиң,
Эриккенде жээрсиң...» —
Муну айтып кемпир
шашылды,
Заматта көздөн жашынды...
Калбай кызга жанашып,
Кыз менен эшик талашып,
Улуп-уңшуп ит үрөт,
Алдын тороп жүгүрөт,
Ташта! дешке алманы
Сүйлөй турган тил барбы?
Эркелетти сурап сыр:
«Өчүктүң неге курдан-кур?
Жат!» — деди кыз кирди үйгө,
Олтурду жалгыз бөлмөдө,
Уга чыгып кетишкен
Шерлерди карап эшиктен,
Тор токуйт тиктеп алманы,
Алмадан көзүн албады.
Кыпкызыл алма анардай,
Ичине куйган бал бардай,
Ширеси турат көрүнүп,
Балкаймактай төгүлүп.
Өтө сулуу ченебей
Сырдап койгон эмедей.
Эң мурун сактап койсо да,

Оокатка күтмөк болсо да,
Жегиси келди кайрадан,
Сугу түшүп ал анан,



Оозуна алып барды да,
Четинен тиштеп алды да,
Көңүл койбой башкага,
Чайнап жутту аз гана.
Ошол замат бул сулуу,
Мындай турсун кулпунуу,
Өзүнө ээ боло албай,
Кысталды демин алалбай,
Алы кетип боюнан,
Алмасы түштү колунан.
Каны качты жүзүнөн,
Нуру кетти көзүнөн,
Анан түштү куланып,
Жатты жансыз суналып...

Жети баатыр бир тууган
Кайтып келсе жортуулдан,

Шордуу жандай куруган,
Ит тосуп чыкты улуган,
«Болгон окшойт бир мээнет,
Улучу эмес бул ит тек».
Бир туугандар чабышты,
Үйгө шашып калышты.

Бөлмөгө чогуу кириштн,
Болгонун кайгы билиштн.
Үрүп дөбөт кыңшылап,
Алмада кеги барчылап,
Ачууланып тиштеди,
Бир сугунуп бүт жеди.

Жыгылды, өлдү, бечара,
Уу бар окшойт алмада.
Кан кызынан айрылып,
Канаттары кайрылып,

Муз баскандай тайгылып,
Бир туугандар кайгырып,
Салаңдады баштары,
Акты көздөн жаштары.
Секиге өйдө алышып,
Даярдашса көмгөнү,
Бузулбаптыр түк өңү.

Түш көргөндөй жатат кыз,
Демин албайт ал жалгыз.
Ага-инилер үшкүрүп,
Калбайлы деп өкүнүп;
Үч күн, үч түн күзөттү,
Күн артынан күн өттү.

Бирок сулуу жаткандан
Ойгонбоду уйкудан.
Кайгырышкан калыпта,
Жалтырак айнек табытка
Алып барып салышты,
Көтөрүшүп алышты.

Түн ортосу оогончо,
Бир үңкүргө обочо
Көтөрүп алып барышты,
Алты мамы кагышты,
Чынжыр боолор тагышты,
Чырмап байлап салышты.
Айланасын абайлап,
Тосуп койду таш калап.
Кош айтышты агалар,
Башка кандай амал бар?
Баарынын көзүн жаш басты,
Эң улуусу сөз катты:
«Каза таптың зулумдан,
Айыпсыз кызга жулунган.
Укта табыт ичинде,
Өчтүң күйөр кезиңде.
Сенин көркүң тууган жер,
Нуруңду төк, жата бер.
Сакталуу элең жарыңа,
Асман мекен жаныңа.
Сүйдүк эле биз сени
Жалын менен ичтеги.
Эч кимге тийбей кыйылдың,
Табытка гана буюрдуң».

Залим ханша ал күнү,
Жашырын алып күзгүнү
Жакшы кабар билгени
Моймолтуп көзүн ирмеди:
«Сүйкүмдүү менби баарынан?
Ашкан менби сулуудан?»
Анда күзгү берди жооп:
«Сулуу сен, ханша, талаш жок,
Сүйкүмдүүсүң баарынан,
Жалгызсың сулуу жагынан».

Елисей узак чаалыган,
Жарын издеп жабыгып,
Кыдырып жерди тынбады,
Өксөп-өксөп ыйлады.

Елисей күттү зарыгып,
Түн кирер замат ай чыгып,
Көрүндү көктөн каалгып,
Муң айтты күйөө зар кылып:
«Эй, жарык ай, жарык ай!
Жаркырайсың алтындай.
Караңгы түндө чыгасың,
Ааламды жарык кыласың.
Жарыгың көккө жарашат,
Жылдыздар сүйүп карашат.
Катасыңбы сырыңды?
Айтасыңбы чыныңды?
Сүйгөнүм хандын кызы эле,
Билбеймин азыр кай жерде?»
Ай нурлантып дүйнөнү
Чынын айтып сүйлөдү:
«Түндө гана чыгамын,
Түндү күзөт кыламын,
Көргөнүм жок кызды мен,
Сурап көргүн өзгөдөн.
Хан кызы менсиз качкандыр,
Мен жокто кырдан ашкандыр».
«Опосуз дүйнө ушул да!..»
Иренжий түштү ханзада.
Сулуу ай муну сезгендей:
«Токтой тур,— деди,— Елисей!
Билет чыгар жел күлүк,
Сурап көрчү бүгүлүп?
Тез бар ага, жакшы дос,
Көп кайгырба, кайыр кош!»
Токойдон, чөлдөн коруктан,

Адам болсо жолуккан.
Жалынып жарын сурады,
Сурабай күтүп турабы.
Кээси күлсө баладай,
Кээси кетет карабай.
Акыры кетти амалы,
Асманда күнгө карады:
«Жарыгыбыз алтын күн!
Жыл бою көктө жүрөсүң.
Кышты кыштай тынбайсың,
Жайкысын бакты сырдайсың.
Жерге нуруң төгөсүң,
Жерден бизди көрөсүң.
Сыр жашырба сен менден,
Көрдүң бекен бир жерден?
Хан кызы эле сүйгөнүм,
Мөнүн издеп жүргөнүм.
Көрбөдүңбү жарымды,
Жаркыраган таңымды?»
Жооп берди сулуу күн:
«Хандын кызын көрбөдүм.
Жарың тирүү жок чыгар,
Менин коңшум Айга бар.
Ал бир жерден көргөндүр.
Көрбөсө байкап билгендир».

Кайгырбай Елисей шашылды,
Чакырып шамал баатырды:
«Шамал, шамал! Атыр жел,
Булутту кууган баатыр жел,
Сапырганың көк деңиз,
Өрүшүң сенин кула түз.
Сен коркпойсуң эч кимден,
Болбосо жалгыз теңирден.
Катып менден сырыңды,
Айтпайсыңбы чыныңды?

Хан кызы эле сүйгөнүм,
Көрдүң бекен сен өңүн?»
Жооп берди тентек жел:
«Токто, баатыр, бери кел!
Тетиги аккан өзөндөн
Тартынбай кечип сен өтсөң
Ар жагында бийик тоо,
Ошол тоодо типтик зоо,
Зоо түбүндө бийик жар,
Жар түбүндө үңкүр бар.
Ал үңкүргө жайланган,
Өйдө шыпка байланган,
Кыйкырган үндү эшитпей,
Чайпалат табыт бешиктей.
Ал үңкүргө жет ылдам,
Табылат жарың табыттан».
Сызды шамал, турбады.
Ханзада өксүп ыйлады.
Бара жатты ал жерге,
Жары жаткан үңкүргө.
Жок десе бир көрмөкчү,
Жаш төгүп салам бермекчи.
Алды жакта бир жар таш,
Айланасы жылаңач,
Үңкүр турат караңгы,
Елисей кирип карады.
Табыт турат чайпалып,
Терметкендей байкалып.
Табытта жаткан жаш жары,
Елисей көрүп шашпады,
Көзүнүн жашын тыйбады,
Бардык күчүн жыйнады,
Табытты барып бир урду,
Табыт сынды, кыз турду.
Өйдө болуп сермелип,
Чынжырга минип термелип,

Турду сулуу таң калып,
Ак жүзүнөн шам жанып,
Улутунуп сөз катты:
«Мени ким мынча уктатты?»
Жерге түштү кыз анан,
Табышып калды эки жан.
Кубангандан ыйлашты,
Кыйбасы таап кыйбасты.
Ханзада кармап колунан,
Кайра жолго аттанды,
Сый-сыпаты такталды.
Кең дүйнөгө чыгышты,
Келин, кыз кабар угушту:
Тирүү экен хан кызы!
Сулуулардын сулуусу!

* * *

Ошондо ишсиз зериккен,
Өгөй эне желиккен
Отуруп чачын тарады,
Күзгүсүнө карады:
«Сүйкүмдүү менби баарынан?
Ашкан менби сулуудан?»
Кайтарды күзгү ага жооп:
«Сен сулуусуң, талаш жок,
Бирок да сулуу жагынан
Хан кызы өйдө баарынан.
Ал азыр сенден сулуурак,
Сенден нурлуу, сенден ак!»
Өгөй эне обдулуп,
Күзгүнү жерге бир уруп,
Жүгүрүп чыгып эшикке,
Жолукту кызга эшикте,
Ызасы койбой эркине,
Өлдү ханша ал жерде,
Аны көргө коюшту,

Тойго көп мал союшту.
Макул болгон баарына,
Кубанды бүгүн Елисей,
Кошулуп сүйгөн жарына,
Той тартты калктын баарына.
Мындай тойду эч качан
Көргөн эмес эч адам.
Мен дагы анда болгомун,
Көргөмүн бардык болгонун.
Ооз тийгем балынан
Мурутум араң малынган.





АЛТЫН КОРОЗ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

Байыркыда бир жерде,
Асманы бөлөк башка элде,
Атагы алыс жер кеткен
Дадон деген шаа өткөн.
Каардуу чыгып жашынан,
Кайрат-күчү ташыган.
Көрүнөө кордук көп салып,
Чаппаган эл койбоптур.
Күч кеткен соң каржалып,
Жоолашты коюп тынч алып,
Жай жатууну ойлоптур.
Бирок чыгып туш-туштан,
Илгертен өчү калышкан
Жоолору тынчын алыптыр,
Мүлкүнө кол салыптыр.
Чегине коюп күзөтчү,
Колду сансыз көбөйттү.
Баатыры чегин кайтарат,

Антсе да душман кол салат.
Жоону күтсө чыгыштан,
Каптайт душман туш-туштан,
Бу жагын эптеп бүтөсө,
Деңизден келет бир эсе.
Ызасы келип шаа Дадон,
Ыйлап кээде боздогон.
Мүшкүл иш көзгө көрүнгөн,
Уйкусу качып бөлүнгөн.
Түйшүктүү күн курусун!
Жылдыз санап, жыл сүргөн
Даанышманга көп көргөн,
Жардам сурап жалынып,
Салам айтып сабылып,
Жетип барды чабарман.
Дадонго келди даанышман,

Койнунан алып дорбосун,
Көргөздү алтын корозун.
«Бийик туур сен тургуз,
Корозду жай отургуз.
Алтын короз эрөөлүң,
Болот мыкты кароолуң:
Айланаң турса тынч болуп,
Отурат короз жай конуп.
Алыс жактан жер түрүп,
Келер болсо бир бүлүк,
Көрөр болсоң чоң түйшүк,
Же душманың келсе түтөгөн,
Же кырсык чыкса күтпөгөн,
Кыйкырып короз урунат,
Кырсыкты көздөй бурулат»,
Шаа көңүлү жайланды,
Тилегенин бермекке
Даанышманга карганды:
«Жакшылыкка жакшылык,
Сүйүнтөрмүн шат кылып.
Сенден өзүм алгандай,
Не кааласаң берем шай».

Туурда короз олтурат,
Падыша чегин кайтарат.
Тополоң чыкса бир жактан
Ойгонгонсуп уйкудан
Тыбырап короз урунат,
Жоо келер жакка бурулат:
«Кири-кү-күү, жата бер,
Тамашага бата бер» —
Деп кыйкырып үн салат,
Душмандары даай албай
Токтоду кол салалбай.
Анткени шаа Дадон
Жоого салган чоң ойрон.

Бир күнү катуу чоң чуудан
Ойгонду шаа уйкудан.
«Эл атасы, улук шаа,
Түшмөк болду каргаша,
Кезек келди ойгонор!» —
Деп шаштырат ноёндор
«Я? Ким? Эмне чуу?» —
Дейт падыша уйкулуу.
Ноёндор кеп айтат:
«Короз кайта кыйкырды,
Бүлүк салып шаарга».
Шаа караса туурга,
Күн чыгыш көздөй бурулуп,

Талпынат короз урунуп.
«Кечеңдетүү не керек!
Аттансын кол эртерек!»
Найза кармап, туу аштап,
Чоң уулу жүрдү, кол баштап.

Калды короз унчукпай,
Чуу тынчып, шаа жатты жай.

Сегиз күн өттү, кооп жок,
Аскерден кеткен жооп жок.
Болдубу уруш? Билбеди,
Короз кайта кыйкырды,
Падыша колун чакырды.
Куткарууга чоң уулун
Жиберди падыша кичи уулун.
Тынчыды короз, кооп жок,
Кеткендерден жооп жок.
Өттү дагы сегиз күн,
Эл жатпайт чочуп күнү-түн.

Короз кайта кыйкырды,
Аскерин падыша чакырды.
Жүрдү падыша кол алып,
Күн чыгыш көздөй жол алып.
Не сыр көрөт, жоо кандай? —
Баратты падыша билалбай.
Жол жүрүп күн-түн дем албайт,
Жоо кайда экен, билалбайт.
Же урушуп жаткан майдан
жок,
Же токтой турган жайдан жок,
Падыша Дадон кайгы жейт,
Бу кандайча шумдук дейт.
Күн айланды сегизге,
Колду апкелди сеңирге.

Эки ача болуп тоо жатыр,
Жибектен тиккен ак чатыр
Турат желге шуудурап,
Тегерек баары тунжурап,
Турган экен көшүлүп,
Капчыгай толо кол өлүп...
Чатырга ылдам шаа барды,
Бир укмуш көрүп таң калды,
Туулга баштан түшүптүр,
Кылыч менен кыйрашып,
Эки уулу тең өлүптүр.
Балдарынын аттары
Жайытта жайдак жүрүптүр.
Шаа ошондо буркурап,
Сакалы ылдый жаш кулап:
«Канатыман кайрылып,
Шумкарлардан айрылып,
Бар экен тартар азабым,
Жеткен экен ажалым!»
Кошулуп шаага баары ыйлап,
Жаңырык тартып тоо турат,
Тар капчыгай коо ыйлап,
Жер бузулчу чуу чыкты.
Бир кезде чатыр ачылып,
Шамахандын ханыша,
Күндөй нуру чачылып,
Кериле басып кыз чыкты.
Күн чыгып көзү уялган
Түн кушундай шаа талган.
Көлөңкө кылып булутту,
Келди сулуу бүгүлүп,
Падыша Дадон эки уулун
Кызды көрүп унутту.
Күлүмсүңөп жүгүнүп,
Колунан кармап падышаны,
Алып кирди чатырга,





Олтургузуп кадырга,
Түрдүү даам татырды.
Мамык төшөк, татты уйку,
Эс алууга жаткырды.
Жети күнү бипбирдей
Оюна бөлөк иш кирбей,
Тамашага баткырды.

Кайта келген жол менен,
Сансыз түмөн кол менен
Жанында кыз ханыша,
Кайтты үйүнө падыша.
Сөз чыкты дуу-дуу кожурап,
Не болду, не жок, божурап.
Капкага жакын келишти,
Эл-журту салам беришти.
Эл чогулган арада,

Кыдырата катарда,
Сакалы кардай агарган,
Жылдыз санар даанышман
Карыны шаа байкады.
Салам берип падышага,
Карт сакалын жайкады.
«Амансыңбы, эй ата,
Келгин бери мен жакка,
Айтар эмне кебиң бар?» —
Деди падыша карыга.
Сөз айтты кары падышага:
«Эсиңдеби, падышам,
Мага берген убадаң?
Кылган кызмат акыма,
Эски картаң досуңа
Не сураса аябас
Өзүң берген антың бар,
Эсептүү дос айрылбас.
Меники болсун, падыша,
Жаныңдагы ханыша,—
Шамахандык сулуу кыз...»
Падыша туруп таң калды,
Даанышманга сөз салды:
«Же койнуңа шайтан киргенби,
Же кокус эпкин тийгенби?
Кыз сурап нетесиң?
Чын, убада бергемин,
Чеги бар да ар ненин.
Билесиңби, мен киммин?
Андан көрө сура сен:
Төрөлүк, мүлк, казна, чен.
Алдыңа тулпар керейин,
Жарым шаалык берейин».
«Жок албаймын, падыша,
Берсең бергин ханыша» —
Сурады болбой даанышман.

Падыша жерге түкүрүп:
«Сен даанышман алжыган!
Эчтеке менден албайсың,
Күнөөңдү өзүң тарткайсың,
Соо кезиңде жоголгун,
Тарта электе азапты;
Айдагыла бу картты!»

Шаалар менен керишмек
Жанга кыйын иш демек.
Жылдыз санаар даанышман
Дагы айтышмак дегени!
Таягы менен падыша
Мээге тартып ийгени...
Үстөмөндөп жыгылып,
Маңдайынан кан чыкты,
Жылдыз санар, жыл сүрөр
Карыядан жан чыкты,
Ордо бүтүн солк этти,
Шаа жүрөгү болк этти.
Ха-ха-ха--ха! — кыз күлөт. —
Бул убалды ким билет? —
Ханыша кыз жым болду.
Шаанын эси чыкса да,
Күлүмсүрөп тим болду.
Калаага кирип шаа келди,
Шаңгыр этип бир жактан
Алда неме үн берди.
Талпынып короз ордунан,
Учуп чыгып туурунан,
Шааны көздөй жулунду,
Төбөсүнө тик конду:
Тумшугун мээге матырды,
Ачуу үн салып чаңырды.
Алкымга жүрөк тыгылды,
Арбадан Дадон жыгылды;

Ордо муну бүт көрдү,
Бир бакырып шаа өлдү,
Кайым болду ханыша —
Мына укмуш тамаша!
Жомок жалган — маани бар,
Эр азамат өрнөк ал.



ОЛЕГ БААТЫР

Касиет баскан Олег жоого аттанды,
Акылсыз хазарлардын жинин какты;
Экинчи тийбес кылып кас душманды,
Алардын жерин өрттөп, элин чапты.
Кол баштап, соот кийип келе жатты,
Ойнотуп талаа менен тулпар атты.

Эртеңки келечектен сөз баяндап,
Перундан* башкасына баш ийбеген,
Карыя токой жактан чыкты аяңдап,
Төлгө ачып, бата кылып, деми тийген.
Даанышман карыяга Олег келип,
Сөз айтты туурасынан салам берип.

«Карыя, кудай сүйгөн, касиеттүү,
Сүйлөчү, өмүрүмдө нелер көрөм?
Табасы душманымдын канып кектүү,
Көмүлүп топуракка качан өлөм?

* Перун — байыркы славяндарда куркурек менен чагылгандын атасы (кудайы).

Коркпогун, чын сүйлөгүн, жалган айтпай,
Сыйыңа ат тартамын каалагандай».
«Волхвга* өкүмдүүгө баш уруу жат,
Кназдын керек эмес белектери,
Тилинде калп сөзү жок, баары акыйкат,
Кудайга кулдук кылуу тилектери.
Жазмыштын келечеги — купуя сыр,
Бирок да пешенеңе жазылыптыр.

* Волхв — байыркы славяндарда — сыйкырчы, келечекти болжой билген касиеттүү киши.

Сөзүмдү ушул айткан эсиңде тут,
Жоокерге даңк бир кызык, чыкты атың,
Жоо жеңип, мөөрөй алдың, башыңда кут,
Калканың каалгасында Царграддын;
Кургакты, деңизди да багындырдың,
Душманды таалайыңа суктандырдың.

Түн түшүп, аба ырайы бузулганда,
Көк деңиз толкунуна төккөнүң жок;
Сыймыгың былк этпеди бир майданда,
Же кылыч, же салмоор таш, тийбеди ок.

Көк темир соот болду оронгонуң,
Кайыптан бар эмеспи колдогонуң.
Астында тулпар атың кажыбаган,
Киргенде кан майданга ээсин тартып,
Душмандын жаа огуна чочубаган;
Чуркаса жел жетпеген, каруусу артып,
Кеп эмес буга согуш, кар, шамалың...
Бирок да өз атыңдан түп ажалың».

Жылмайып Олег князь күлүп койду,
Бирок да өңү кетип, ойго батты.
Унчукпай, салмак басып бүткөн бойду,
Түштү аттан кармап туруп ээр кашты.
Коштошуп атка карай колун бурду,
Тик жалын аста уйпалап, сылап турду.

«Кош эми далай жолду баскан атым,
Көп кызмат, эмгегиңе баа жетпес.
Кош эми, дем алып жат, ажыраштым,
Алтындан үзөңгүңдү бутум теппес.
Кош эми, мени эстей жүр, оюн сала,
Нөкөрлөр, ылдам келип атты алгыла.

Жетелеп жайытыма апарыңар,
Үртүктөп, жем-чөбүнөн кемитпеңер,
Булактын ак суусунан сугарыңар,
Кашылап, жууп, тарап, кирдетпеңер».
Нөкөрлөр жөнөй берди алып атты,
Князга ошо замат башка ат тартты...

Чоролор ортосунда чардап князь,
Жанаяк куюлмакта алмак-салмак.
Булардын тармал чачы таңкы аяз
Маалында жаңы жаяган кардай аппак.
Эстешет өткөн-кеткен баяндарын,
Жоо жоолоп, бирге кылыч чапкандарын...

«Баякы атым кайда? — деди Олег,—
Тулпардын туяктары бүтүн барбы?
Бир кезде куштай сызып учкан элек,
Баякы эскисиндей жулкунарбы?
Отурган чоролору жайын айтат:
Капкачан өлүп, кырда сөөгү жатат.

Ойлонуп, башын салып турду Олег:
«Бу кандай, төлгө сөзү кандай чыкмак?
Сыйкырчы, калп абышка,
жинди эселек!
Төлгөңө эмес экен кулак салмак,
Экемин бу күнгөчө минип жүрмөк».
Деди да сөөктү князь болду көрмөк.

Зор Олег чыкты аттанып ордосунан,
Жанында Игорь, эски мейманы бар,
Караса: Днепрдин кырбусунан
Көрүндү аттын башы,
кабыргалар.
Сөөктү жамгыр жууп, чаң басыптыр,
Жел жүрүп, тулаң башын ыргалтыптыр.

Акырын басып князь аттын башын,
Сөз айтты: «болсун жайлуу жаткан оруң.
Ээңдин берер чакта жакында ашын,
Көз жумуп кетипсиң го менден мурун.
Башыңды айбалталап чаппайт беле,
Ашыма сени ай туяк чалбайт беле.

Чын ажал ушу сенден келет дешкен!
Куу сөөк коркутуптур иши кылып!»
Аңгыча оролушуп жиптей эшкен
Куу баштан кара жылан чыкты ышкырып,
Октолуп бутка оролду бүт жыйрылып,
Капыстан алды князь бир кыйкырып.

Жанаяк мелт-калт болуп көбүктөнүп,
Олегдин ыйлуу ашы болуп жатты.
Князь Игорь, Ольга дөңдө өбөктөнүп,
Чоро, кол ичип-жешип даам татты.
Эстешет өткөн-кеткен баяндарын,
Жоо жоолап, бирге кылыч чапкандарын.

МАЗМУНУ

Ырлар

Туткун. Которгон *С. Жусуев* 5
Кышкы кеч. Которгон *У. Абдукаимов* 5
Кышкы жол. Которгон *С. Жусуев* 6
Сибирге кат. Которгон *С. Жусуев* 8
Кышкы таң. Которгон *С. Жусуев* 9
Жиндер. Которгон *С. Жусуев* 10
Кавказ. Которгон *С. Шимеев* 12
Ат. Которгон. *С. Жусуев* 13
Сууга чөккөн адам. Которгон *Ж. Садыков* . . . 14

Жомоктор

Поп жана анын кызматчысы жөнүндө жомок. Которгон *У. Абдукаимов* 17
Падыша Салтан жөнүндө, анын даңктуу баатыр уулу князь Гвидон Салтанович жана татынакай ханыша Ак куу тууралуу жомок. Которгон. *Т. Сыдыкбеков* 26
Балыкчы жана балык тууралуу жомок. Которгон *У. Абдукаимов* 63
Өлгөн ханыша жана жети баатыр жөнүндө жомок. Которгон *М. Элебаев* 75
Алтын короз жөнүндө жомок. Которгон *У. Абдукаимов* 100
Олег баатыр. Которгон *У. Абдукаимов* 111

ШКОЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА

Александр Сергеевич Пушкин

СТИХИ И СКАЗКИ

Младшего школьного возраста

(на киргизском языке)

Издательство «Мектеп»

Редактор *Б. Сабиров*
Көркөм редактору *С. Усенов*
Тех. редактор *В. И. Комерова*
Корректору *Ш. Мендешева*

ИБ № 1516

Терүүгө 18. 12. 1979-ж. берилди. Басууга 22. 05. 1980-ж. кол коюлду. № 3 типография кагазы. Кагаздын форматы 84×108¹/₃₂. Мектеп арибі. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 3,75 физ. басма табак, 6,30 шарттуу басма табак, 5,45 учёттук басма табак. Нускасы 32000. Заказ № 31. Баасы 30 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

Кымбаттуу окуучулар!

«Мектеп» басмасы 1980-жылы «Окуучунун китеп текчесине» сериясынан кыргыз тилинде төмөнкү китептерди чыгарат:

РЫСБЕКОВА Б. Желекче.
ЧЕХОВ А. П. Кутудагы киши.

ОКУУЧУНУН КИТЕП ТЕКЧЕСИНЕ

Александр Сергеевич Пушкин — улуу орус акыны, өлбөс ырлардын, эң сонун поэмалардын жана орустун ыр менен жазылган биринчи реалисттик романы «Евгений Онегиндин» ээси. Бул романды XIX кылымдын башындагы «орус турмушунун энциклопедиясы» деп аташат.

Пушкин — орус адабий тилинин түзүүчүсү.

Пушкиндин жомоктору бирине-бири окшошпойт.

Дал ушул жомоктордун таасирине шыктанып композитор Римский-Корсаков укмуштуу операларды жараткан.